465

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, шавал 1446-х. – апрель 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Тарикат өкүмдөрү – даават жолунун эрежелери, ал эми каражаттар менен ыкмалар – даават жолундагы пландардын негизи

## Газа жеңди… ал эми өкүмдар режимдер саткынчылык кылышты

## Медиа жана анын адамзат коомундагы ролу

## Вакыйлыкты өзгөртүү жолу жана Дарул куфрду Дарул Исламга өзгөртүү

## Элдерге жана үммөттөргө кайрылуу

## Акыйданын үстөмдүгү жана күчтүн сынышы: фикрат куралдан үстөм болгондо

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

465

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, шабан 1446-х, апрель 2025-м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Тарикат өкүмдөрү – даават жолунун эрежелери, ал эми каражаттар менен ыкмалар – даават жолундагы пландардын негизи .............................. 3
– Элдерге жана үммөттөргө кайрылуу .... 9
– Талибан кыймылы жана Халифатты орнотуу мүмкүнчүлүгү.........................17
– Вакыйлыкты өзгөртүү жолу жана Дарул куфрду Дарул Исламга өзгөртүү ...........24
– Медиа жана анын коомундагы ролу ....37
– Батыш уюмдары жана алардан Үммөтүбүзгө келүүчү кооп-коркунуч .....47
– Акыйданын үстөмдүгү жана күчтүн сынышы: фикрат куралдан үстөм болгондо ..37
– Газа жеңди… ал эми өкүмдар режимдер саткынчылык кылышты........................60
– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** .....64
– ***Куръани Карим сабагында*** ..................69
– ***Бейиш бактары:*** Үммөт тарыхындагы даңктуу учурлар… Улуу сахаба Саид бин Зайд ..................................................74
– ***Соңку сөз:*** «Албетте Аллах Өзү (каалаган) ишине жетүүчү Зат. Чындыгында Аллах бардык нерсе үчүн ченем-өлчөө кылып койгон» .................83
– Мисирдин Министрлер кабинети шариаттык фатваны берүү тартибин жөнгө салган мыйзам долбоорун жактырды ......84

## НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

# ТАРИКАТ ӨКҮМДӨРҮ – ДААВАТ ЖОЛУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ, АЛ ЭМИ КАРАЖАТТАР МЕНЕН ЫКМАЛАР – ДААВАТ ЖОЛУНДАГЫ ПЛАНДАРДЫН НЕГИЗИ

**А. Ахмад ал-Кассас – Ливан**

Ислам шариаты тарикаттын өкүмдөрүн өзүнчө максат катары эмес, фикраттын өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн белгилеген. Ошондуктан бул өкүмдөрдү аткарууда алардын максаттарына жетүүгө көңүл буруу буйрулган. Максаттар эске алынбаса, тарикат өкүмдөрүнүн өзү баалуу болбой калат. Бул тууралуу мисал катары эң көрүнүктүү тарикат өкүмдөрүнүн бири болгон жихад жана согуш маселелерин карап көрөлү.

Жихад жана согуштун өкүмдөрү, согуштун түрлөрү, курал менен жихад кылуу, сөз менен жихад кылуу, мал-мүлк менен жихад кылуу, багындыруу үчүн жихад (жихад ат-талап), коргонуу үчүн жихад (жихад ад-дафъ), качан согуш жеке милдет (фард айн) болот жана качан коомдук жетиштүү милдет (фард кифая) болот, качан мустахаб (кабыл алынган жакшы иш) болот, ошондой эле келишимдер жана тынчтык макулдашуулары, туткундар маселеси, келишим түзүлгөндөр жана коргонуучулар (мустаминдер), элчилер менен байланыш жана аларга каршы кол көтөрбөөнүн өкүмдөрү, балдарды, аялдарды жана кары-картаңдарды өлтүрүүгө тыюу салуу, ибадатканаларды жана монастырларды кыйратууга тыюу, олжолордун жана анфалдын өкүмдөрү, согуштагы тыйуулар жана уруксаттар, колдонууга уруксат берилген жана тыюу салынган куралдардын түрлөрү, желектер менен туулардын өкүмдөрү, мунун баарын жихаддын жана согуштун бардык катышуучулары – жихаддын амири болобу же катардагы жоокер болобу – милдеттүү түрдө жакшы өздөштүрүп, так аткарышы керек. Бирок суроо туулат:

Тарикаттын бул өкүмдөрү өзү эле аскердик максаттарга жетүүгө жетиштүүбү? Жеңишке алып келе алабы? Аскердик өнөрдү, курал-жаракты жогорку деңгээлде даярдоону алмаштыра алабы? Хийла (тактикалык амал), акыл-амал жана жаңы ыкмаларды ойлоп табууну жок кыла алабы? Акыркы согуш мектептерин жана согуш теориялары

менен таанышууну талап кылбай коёбу? Курал өндүрүшүн ар түрдүү тармакта жаңыртуунун ордун баса алабы? Башка элдердин, башка диндердин адистеринен болсо да, алардын тажрыйбасын үйрөнүүнү жана керек болсо сатып алууну жокко чыгара алабы?

Жооп: шек-күмөнсүз жок! Албетте, өзү эле жетишсиз.

Ошондой эле мындай суроо туулат:

Аскер башчыларды тандоодо эң таква жана демдүү адамдар тандалышы керекпи? Же болбосо согуш илиминде жана согуш өнөрүндө эң мыкты жана чеберлер тандалып, ошол эле учурда алар таква жана ихластуу адамдар болушу талап кылынабы?

Жооп: Пайгамбарыбыздын ﷺ, төрт халифанын жана ийгиликтүү башкаруучулардын өмүр таржымалынан көрүнүп тургандай, аскер башчыларды тандоодо биринчи кезекте алардын жөндөмдүүлүгү, кесипкөйлүгү жана согуштук тажрыйбасы эске алынат. Бул шарт менен катар алардын таква жана ихластуу адамдар болушу талап кылынат, бирок сөзсүз түрдө эң жогорку даражадагы таквалык талап кылынбайт.

Эгер кимдир бирөө тарикаттын өкүмдөрүн үйрөнүү, таквалык жана дем күчүнүн өзү эле жетиштүү болуп, күчтүүлүккө, кесипкөйлүккө, согуш өнөрүнө жана согуштагы чеберликке кажет жок деп ойлосо, анда ал өз Үммөтүн кыргынга салып коюшу мүмкүн.

Бул курулай теория да эмес, акылдан чыккан кеп да эмес, бул Аллах Таала Өзү көрсөтүп берген нерсе:

{وَأَنفِقُوا فِي سَبِيلِ اللهِ وَلَا تُلْقُوا بِأَيْدِيكُمْ إِلَى التَّهْلُكَةِ وَأَحْسِنُوا إِنَّ اللهَ يُحِبُّ الْمُحْسِنِينَ}

***«Аллах жолунда** (күрөш үчүн мал-мүлкүңөрдү)* ***сарптагыла.** (Сараңдык кылуу менен)* ***өзүңөрдү халакатка – кырсыктуу өлүмгө таштабагыла. Жакшылык кылгыла! Албетте Аллах жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт».*** (Бакара: 195).

Аллах Таала дагы айтты:

{وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدُوَّ اللهِ وَعَدُوَّكُمْ}

*«(Эй момундар)**, алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары, силер билбеген, бирок Аллах билген башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар».*** (Анфал: 60).

Согуш жана ага байланышкан тарикат өкүмдөрү жана ыкмалары кандай болсо, даабатты көтөрүп чыгуу, анын тарикаты жана ыкмалары да дал ошондой.

Эгер сен тарикаттын өкүмдөрүн жана далилдерин үйрөнүп, жаттап алып, аларды сактап, бузбай аткарсаң, анда сен Аллах Таала алдында өз жүрүшүңдө (тарикат жолунда) таквалыкты аткарган болосуң. Бирок таквалыкты толук кылуу үчүн бул тарикат өкүмдөрүн гана аткарып токтоп калбай, ишти мыкты аткаруу, ишти көркөмдөө жана максаттарга жетүүдө чыгармачылык көрсөтүү талап кылынат.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

إن الله يحب إذا عمل أحدكم عملا أن يتقنه

**“Чындыгында, Аллах силердин бирөөңөр бир иш кылганда, аны мыкты аткарып кылышыңарды жакшы көрөт”.**

Бул — ыкмаларды колдонуудагы гениалдуулук.

Тарикаттын өкүмдөрүн канчалык түшүнүп, билгениң, аларга далил келтирүүнү мыкты өздөштүргөнүң менен, булар өзү эле сага жол картасын түзүп бербейт. Алар эртең менен ойгонгонуңда сага “кантип бүгүнкү даават ишиңди баштайсың, коом ичинде максаттарыңа жетүү үчүн кандай аракет кыласың” деп көрсөтүп бербейт. Алар сага тоскоолдуктарды жана бөгөттөрдү кантип жарып өтүүнү, акылдар менен жүрөктөргө кантип жол табууну, дааватыңа жана Үммөтүңө каршы кутумдарды кантип алдын алууну үйрөтпөйт. Алар сага лекцияны кантип таасирдүү окууну, баракча же макала кантип мыкты жазыларын, ийгиликтүү конференцияны кантип уюштурууну, электрондук маалымат каражаттарын кантип натыйжалуу колдонууну, маалыматтык блокаданы кантип бузууну, пикирий же саясий талашта кантип үстөмдүк кылууну үйрөтпөйт. Ошондой эле алар сага маалымат каражаттарына качан чыгыш керек, качан андан оолак болуш керек экенин да айтпайт. Журналисттердин же маалымат каражатынын сенин сөзүңдү бурмалап кетишине кантип жол бербөө керек экенин, маалымат каражаты качан мүмкүнчүлүк, качан тузак болорун да тарикаттын өкүмдөрү өзүнөн өзү айтып бербейт.

Ошондой эле алар сага туура адамды туура ишке кантип тандоо керектигин, наарazычылык жыйындарын же жүрүштөрдү кантип жетектөө керектигин да көрсөтпөйт. Коомдун ар кандай катмарларын: билимдүүлөрдү, студенттерди, эл арасындагы катардагы адамдарды, саясатчыларды, аалымдарды жана соодагерлерди кантип өзүңө тартуу керек экенин да, бул тартуунун даражалары жана түрлөрү кандай болорун да тарикаттын өкүмдөрү өзү эле үйрөтпөйт.

Тарикат өкүмдөрү өз алдынча максат катары эмес, башка — белгилүү бир максаттарды ишке ашыруу үчүн мыйзамдаштырылган. Эгерде тарикат өкүмдөрү алардын максаттарын көзөмөлдөбөстөн, болгону өзүн аткаруу үчүн аткарылса — ал гана эмес, эгер бул

өкүмдөр аткарылып жатып максаттар ишке ашпастыгы билинип туруп, бирок ошентсе да аткарыла берсе — анда бул иштин эч кандай баалуулугу болбой калат. Тескерисинче, бул абдан кооптуу жана зыяндуу аракетке айланат.

Мындай таризде тарикаттын өкүмдөрүн аткаруу максаты жок эле өз аскерлерин согушка түрткөн аскер башчынын абалындай болот: ал согушту максат үчүн эмес, жөн гана согуш үчүн баштайт. Натыйжада ал өз аскерлеринин өмүрүн кыйып, элди, жерди кыйроого учуратат, бирок жер үстүндө эч кандай максатка жетпейт.

Ислам жашоосун кайра жандандыруу үчүн мамлекет куруу жолу менен дааватты көтөрүү — адамдардын катышуусундагы эң оор жана кооптуу күрөштөрдүн бири, балким эң оору жана эң коркунучтуусу. Айрыкча, азыркы заманда бул иш дүйнөнүн эң күчтүү жана эң айлакер империяларына каршы турарын эске алганда. Бул империялар тарыхтын башынан бери ушул күнгө чейин Исламга каршы эң шумдук жана эң айлакер жолдорду колдонуп келишет. Алар сени жөн эле күч колдонуп басып салбайт, андан сырткары Исламга каршы ушундай шумдук амалдарды жана шайтандын ыкмаларын колдонушат, тарых андайга мурун күбө болбогон.

Бул империялар изилдөө борборлорун, массалык маалымат каражаттарын, коомдук психология илимин, башкаруу илимин, маалымат технологияларын, даректүү тасма тартуу өнөрүн жана көңүл ачуучу киноиндустрияны өз кызыкчылыгына кызмат кылдырууга багытташкан. Алар акыл-эс менен ой-пикирди башкара билүүнү, ыкмаларды жаңыртууну, терминологияны алмаштырып турууну, элдердин жана коомдордун мүнөзүн колдонуп, элди алдап, алдоо менен өздөрүнүн кутумдарына тартууну мыкты өздөштүрүшкөн.

Албетте, дааватты көтөрүп чыккандар бийликке жеткенге чейин душмандарына караганда материалдык жактан кыйла күчтүү болбойт жана алардай чоң маалымат каражаттарына ээ болбойт. Бирок шексиз бир нерсе бар: алар акыл менен альтернативдүү маалымат каражаттарын пайдалана алышат, партиялар жана уюмдарды башкаруу илимин үйрөнө алышат, жаңыча радиолук жана массалык сүйлөө өнөрүн өздөштүрө алышат, документалдык тасмаларды жана кыска видеолорду тартууну үйрөнө алышат. Бул илимдерди керек болсо душмандарынан, алардын университеттери менен институттарынан да үйрөнө беришет.

Бул да сахабалардын (Аллах алардан ыраазы болсун) кээ бир Курайш мушриктеринен кат жазууну жана окууну үйрөнгөнүндөгүдөй эле. Алар дагы курал жасоону башка элдерден үйрөнүшкөн. Ошондой эле казатта Пайгамбарыбыз ﷺ перстерден коргонуу үчүн “хандак”

(чоң аңгек казуу) ыкмасын өздөштүргөн. Ушул сыяктуу эле, Умар ибн ал-Хаттаб رضي الله عنه румдуктардын жана перстердин башкаруу ыкмаларын (“диуан” системасын) өздөштүрүп, Ислам башкаруусуна киргизген.

Коомдук пикирди түзүү жана ага таасир этүү ыкмалары бүгүнкү заманда университеттерде жана институттарда окутулган өзүнчө илим болуп калды. Бул илимди үйрөнүү шариаттык тарикаттан бөлүнүп калбашы керек. Тагыраак айтканда, Исламдагы экономикалык система “экономика илимине” беймуктаж кылбайт же башкаруу системасы (халифалыктагы башкаруу өкүмдөрү) “башкаруу жана саясат өнөрүнө” беймуктаж кылбайт, дал ошондой эле коомдук пикирди түзүү ыкмалары Ислам тарикатынан ажырап калбоосу зарыл.

Эгер сен бул илимге кирсең, анда ал сага мындай нерселерди үйрөтөт: жалпы коом менен сүйлөшүүнүн өзгөчө ыкмалары бар, саясатчылар менен сүйлөшүүнүн өзгөчө ыкмалары бар, жаш муун менен сүйлөшүүнүн өзгөчө ыкмалары бар, аскерлер менен сүйлөшүүнүн өзгөчө ыкмалары бар, азчылыктар менен сүйлөшүүнүн өзгөчө ыкмалары бар экенин түшүндүрөт.

Мындан тышкары, бул илим кээде (же болбосо сырткы көрүнүш боюнча) ар кандай топторго кайрылууну жеңилдетүү үчүн атайын түзүмдөрдү же уюшкан бирикмелерди түзүүнү талап кылышы мүмкүн. Мисалы:

- Студенттер үчүн алардын жөндөмүнө жана тандоолоруна ылайыкташкан уюм түзүлүшү керек. Алар бул уюмга окуу мезгили жана ата-эненин көзөмөлү маалында кошулушат, андан кийин толук кандуу ишмерлерге айланышат.
- Окумуштуулар жана интеллигенция үчүн комитеттер уюштурулуп, алардын катышуусун багыттоо жана талантарын пайдалануу керек.
- Соодагерлер үчүн өзүнчө уюм түзүлүп, алардын көңүлүн жана аракетин багыттоо керек.
- Эл арасындагы активдүү топтор үчүн болсо аларды чогулта турган жана жетектей турган лидерлер керек.

Ошентип, өзгөрүү күчтөрү ар түрдүү деңгээлде бөлүштүрүлөт: тартипке баш ийген партия мүчөлөрү, уюшкан жана системалуу колдоочулар (ансарлар), катардагы, бирок жооп берген эл катмары.

Жыйынтыктап айтканда, тарикатты түшүнүп, ага бекем баш ийгенден кийин сенин жолуңду алдыга жылдыра турган нерсе — ыкмалардагы чыгармачылык, акылмандык жана бул тармактагы өнөрлөрдү, илимдерди жана жаңы ыкмаларды тынымсыз өздөштүрүү. Тарикат — даават үчүн эрежелердин жана коргонуулардын эң

жакыны. Ал – дааватты бурулуштардан жана тайып кетүүдөн сактай турган чоң жолдун башкы сызыгы. Аллах Таалага ихлас кылуу жана түз жолдон тайбоо чечкиндүүлүгү болгондо, тарикатты бекем кармануу жана андан тайбоо жеңил болот.

Ал эми акылдуу ыкмалар, алардын өнөрлөрү жана “илимдери” — бул кайра-кайра жаңыланып турган жолдун картасы. Бул жерде эң чоң сыноо турат: дал ушул жерде ийгиликтин же кулап түшүүнүн сызыгы тартылат. Эгер тарикаттан тайып кетүү — өлүм алып келчү бузулуу болсо, анда натыйжалуу ыкмаларды жана каражаттарды колдонбоо жана алардын өнүгүшүн коштоп жүрбөө бул түздөн-түз ийгиликсиздик болот. Бул ийгиликсиздик сенин жолуңдун башында эле токтоп калышыңа же жарым жолдо тайып түшүшүңө себепчи болушу мүмкүн.

Ошону менен катар унутпашыбыз керек, баарынын үстүндө жана баарынын алдында, ошондой эле орто жолдо жана соңунда Аллах Таалага болгон таквалыкка жана ихлас ниетке муктажбыз. Бул улуу жана оор миссия үчүн руханий энергия менен куралдануу зарыл. Анткени Аллах Тааланын жардамы жана ийгилиги болбосо, бул жырткыч жана кылмышкер дүйнөдө туруктуу болууга, чечкиндүү болууга жана алдыга жылууга мүмкүн болбойт. ❑

# ЭЛДЕРГЕ ЖАНА ҮММӨТТӨРГӨ КАЙРЫЛУУ

**Аиша аз-Заатари – Палестина**

Элдер жана үммөттөр мамлекеттердин, партиялардын жана башка саясий түзүмдөрдүн негизги иш-аракети багытталган тармак болуп саналат. Анткени адамдар коомдун эң маанилүү тиреги жана негизги таянычы болуп турушат. Калган бардык коомдук компоненттер — пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар — адамдарга байланыштуу болот. Мыйзамдар ошолорго карата колдонулат, идеялар алардын аң-сезиминде жашайт жана сезимдерине таасир кылат. Ошондуктан саясат менен алектенгендер элдин колдоосун жана жетектөөгө болгон ишенимин алуу үчүн сөзсүз түрдө алар менен байланыш түзүүгө жана тыгыз иш алып барууга өзгөчө көңүл бурушу керек.

Мамлекеттин негизги максаты элдин иштерин көзөмөлдөп, аларга татыктуу жашоо шартын камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуу болуп саналат. Эгерде мамлекет өзүнүн башкаруу системасын жана кубаттуулугун бекемдөө үчүн мыйзамдарды кабыл алса, анда ал эл арасындагы колдоосун да сактап турушу керек. Анткени, эл анын бийлигин колдогон эң чоң күч болуп саналат. Мамлекет — аткаруучу түзүм, ал эми эл — ошол башкаруу системасын түздөн-түз же кыйыр түрдө колдонуучу тарап. Ошондой эле эл – мамлекеттин саясий түзүмү жана анын идеялары өз ара аракеттенген чөйрө.

Бул мамлекетке тиешелүү жагы. Ал эми партияларга келсек, алардын негизги максаты — өздөрүнүн көтөргөн идеялары жана саясий долбоорлору менен адамдарды максат кылуу. Саясий партиялар белгилүү бир идеялардын негизинде курулган саясий долбоорлорду көтөргөн топтор болуп саналат. Эл болсо алардын долбоорлору жана идеялары ишке ашкан жана таасир кылган чөйрө. Ошондой эле, эл – алардын негизги иш-аракети жана таасир көрсөтүү багыты. Партиялар өздөрүнүн көтөргөн маданиятын, долбоорлорун жана максаттарын ишке ашыруу үчүн элдин колдоосуна муктаж. Алар башкаруучулар жана системалар менен түз алып барган саясий аракеттеринде да алар элдин колдоосуна жана алардын айланасында биригишине муктаж болушат.

Ошондуктан, адамдардын саясий турмушка катышуу укугу бар. Анткени, алар – саясий турмуш айланып турган негизги жандуу тарап жана анын өзөктүк кыймылдаткычы. Адамдардын укуктарынын мисалы катары алар өздөрүнүн Роббисинин мыйзамдары менен башкарууну талап кылуу, башкаруучуларды шайлоо жана көзөмөлдөө, саясий партиялардын долбоорлорун кабыл алуу же четке кагуу, ошол партиялар менен иштөө жана өздөрүнө татыктуу жашоо шартын

камсыз кылган коомдо жашоону талап кылуу сыяктуу укуктарды көрсөтсө болот.

Табигый түрдө, эл өздөрүнө ылайыктуу деп эсептеген башкаруу системасын жана башкаруучуларды бийликке алып келүүгө тийиш. Бул алардын колдоосунун жана пикирий-саясий жактан баш ийүүсүнүн табигый натыйжасы болуп саналат. Эгер бул мүмкүн болбой, бийлик күч менен алынган болсо, анда жаңы бийликти кабыл алуу үчүн элдин кеңири колдоосу зарыл болот жана эл жаңы башкаруу системасын колдоп тегеректеши керек, антпесе мамлекеттин пайдубалы бекемделбей калат.

Ушунун баары үчүн саясат жүргүзгөн адамдардын элге милдеттүү түрдө көңүл бурушу зарыл. Анткени алар элдин колдоосун алуусу жана өздөрүнүн тарапкерлери арасында элдик база түзүүсү зарыл, эгер ал нерселер бар болсо, аларды бекемдөө үчүн аракет кылышы керек. Бул болсо элге түз кайрылуу жана алар менен үзгүлтүксүз өз ара аракеттешүү аркылуу гана мүмкүн болот. Болбосо, элдин ролун четке кагуу жана көңүл бурбоо талап кылынган максаттарга жетүүгө тоскоолдук жаратат, натыйжада мамлекеттин өзү да коркунуч алдында калат.

Демек, эл менен сүйлөшүү алардын жетекчилигин алуу үчүн жана алар менен бирге белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн жүргүзүлөт. Бул кайрылуунун (даават ишинин) негизи алардын акылына жана ой-жүгүртүүсүнө, ошол эле учурда адамдык табиятына жана инсаниятына кайрылуу болуп эсептелет. Бул кайрылуу алардын инсандык өзгөчөлүктөрүн жана таандыктыгын аныктаган, кадыр-баркын камсыздаган, аларды көтөргөн жана өз коомунда татыктуу жашоого жеткирген маданият аркылуу жүргүзүлүшү керек. Эгер эл бул маданиятты кабыл алса жана ага ыктап багыт алса, анда алар бул саясий долбоордун айланасына топтолуп, аны колдошот.

Элге кайрылуу алардын ишин жүргүзгөн саясатчылардын эл менен болгон мамилесинин мүнөзүнө жана алар менен болгон өз ара аракеттенүү усулуна жараша аныкталат. Бул төмөнкүдөй болот:

Биринчиси: эгер эл менен болгон мамиле алардын саясий турмушка белгилүү бир ролдор жана милдеттер менен катышуусуна негизделген өз ара толуктоочу мамиле катары аныкталса, анда элге кайрылуу сөзсүз түрдө алардын жетекчилигин алуу үчүн жана алардын коомдогу ролун ойноосуна, таасир этүүсүнө жана өзгөрүүлөргө түрткү берүү максатында тартуу жана өз ара аракеттенүү тилинде жүргүзүлүшү керек.

Исламдагы саясат эл менен өз ара аракеттенүү жолунун эң көрүнүктүү мисалы болуп эсептелет. Анткени Ислам адамдардын

саясий турмушка катышуу укугун табигый укук катары таанайт жана мындан тышкары бул Үммөт үчүн шариат тарабынан бекитилген укук болуп саналат. Исламда бийлик (саясий башкаруу) Үммөттүн колунда, анткени Үммөт Аллахтын Шариатын колдонууга милдеттендирилген жана аны колдонуу үчүн өз атынан бирөөнү дайындоого милдеттүү. Ошону менен бирге, «сийада» (чыныгы башкаруу) шариатка таандык, бийлик Үммөткө таандык. Бул экөө – Исламдагы башкаруунун негизги принциптери.

Башка жагынан алганда, Ислам адамдарды өзүнүн казанында бириктирүүгө аракет кылат, башкача айтканда аларды акыйда жана шариат боюнча ой-жүгүртүүдө Исламга баш ийүүгө жетектейт, ошондо алар Үммөттүн ажырагыс бөлүгү жана андан кийин мамлекет менен болгон мамиленин бир бөлүгү болушат.

Исламдын адамдарга кайрылуу жана аларды өз казанына куюп бириктирүү жолу бар жана бул милдет Ислам мамлекетине, динди жер жүзүндө орнотуу чакырыгын көтөрүп чыккан саясий партияларга жана Ислам мамлекети шартында иш алып барган партияларга жүктөлгөн. Ар биринин бул багыттагы иши Шариат тарабынан белгиленген конкреттүү максаттарды көздөйт. Бул нерсе Пайгамбарыбыз ﷺдын өмүр баянынан жана даават жүргүзүү, Ислам мамлекетин куруу жолунан айкын көрүнүп турат.

Ал эми Пайгамбарыбыз ﷺдын жолу адамдардын Ислам динине киргенден кийинки ролунун маанилүүлүгүн тастыктаган. Анткени Ал ﷺ сахабаларды (Аллах алардан ыраазы болсун) өзүнүн даават ишине топтоп, алар менен бирге Исламды жайылтуу жана Ислам мамлекетин куруу үчүн иш жүргүзгөн. Натыйжада, алардын дааватты көтөрүүдөгү жана мамлекет куруудагы баатырдыктары менен Ислам тарыхы жаркырап чыкты.

Пайгамбарыбыз ﷺдын ыкмасы — адамдар менен бирге иш алып баруу, аларды Ислам динине чакыруу жана өзүнө тартуу, алар менен өз ара аракеттенүү аркылуу аларды Исламдын ой-жүгүртүү жана сезим дүйнөсүндө калыптандыруу жана даават боюнча коомдук пикир жаратуу. Мунун натыйжасында табигый түрдө дааватты колдогон элдик пайдубал түзүлөт жана ал пайдубал мамлекет түзүлгөндө аны колдойт. Ошентип, Үммөттүн массасы жана динди жер жүзүндө орнотуу үчүн иш алып барган топ бир сапта турушат. Андан кийин бул масса, партия жана мамлекет, бардыгы бириктирилген түрдө мусулмандардын Имамынын алдында, Исламдын калканы алдында биригишет жана ушул аркылуу мусулмандардын жамааты түзүлөт.

Пайгамбарыбыз ﷺдын тарикаты бийликти орнотуп, улуу, күчтүү кылып сактап калуу үчүн Үммөт менен иш алып баруу жана анын

үстүндө иштөө зарыл экенин баса белгилейт. Бул — Исламдын идеяларын жана түшүнүктөрүн Үммөткө жеткирүү иши. Анткени, дин ошол аркылуу гана тургузулат, ошол аркылуу гана сакталат. Үммөт менен болгон бул өз ара аракеттешүү Пайгамбарыбыз ﷺдын Ислам мамлекетин куруу жолундагы тарикатынын маанилүү этабы болуп саналат.

Ушул мааниде сахаба Мусаб бин Умайрдын رضي الله عنه Ясрибде (азыркы Мадинада) жүргүзгөн иши, эл арасында Ислам мамлекетине элдик пайдубалды пайда кылуу үчүн жасаган калыптандыруу иши Пайгамбарыбыз ﷺдын эл менен иш алып баруу жана динди көтөрүп, жер жүзүндө орнотуу тарикатынын эң сонун мисалы болуп саналат.

Хизб ут-Тахрир — Исламды өзүнүн мабдасы кылган саясий партия катары — Халифалыкты кайра тикелөө ишинде Пайгамбарыбыз ﷺдын ушул жолун ээрчийт. Ал Үммөт менен жана Үммөт үчүн иштейт, жана чынчыл тил менен аларга кайрылууга аракет кылат. Бул жолдо Хизб ут-Тахрир өз Үммөтүнө калп айтпаган чыныгы жетекчи болуп, Аллах Тааланын жардамына таянып, Халифалык долбоорун колдогон жана талап кылган элдик пайдубалды куруу үчүн тынымсыз аракеттенүүдө.

Ал эми Ислам шариатына карасак, анда Үммөттүн мамлекетти курууда жана ал орногондон кийинки ишинде маанилүү орду бар экендигин баса белгилеген көптөгөн өкүмдөр жана түшүнүктөр бар. Мисалы, исламий жамаат түшүнүгү, халифага ыраазылык жана эркин тандоо жолу менен берилүүчү байъат өкүмү, бийлик Үммөттүн укугу экени жана аны күч менен тартып алуу харам экени, Үммөттүн башкаруучуларды тергеп-тескөө милдети, шура (кеңешүү) өкүмдөрү, халифа Үммөттүн атынан иш алып барган өкүл экени жана анын Үммөттүн кызматчысы болуусу, ар кандай зулумдуктарды токтотуу үчүн мамлекеттин башкаруу түзүмүндө мазалим (адилетсиздиктер) сотунун болушу, башкаруучу ачык куфрлук кылса, ага каршы куралдуу күрөш жүргүзүү милдети жана жаңыдан Исламга кирген элдерди дин өкүмдөрүнө үйрөтүү жана аларды Ислам тарбиясы менен тарбиялоо зарылдыгы, ушунун баары жана башка көптөгөн шариат өкүмдөрү Ислам мамлекети менен Үммөттүн ортосундагы мамиле өз ара толуктоочу мүнөзгө ээ экенин ачык көрсөтөт.

Экинчиси: эгер эл менен болгон мамиле бийликти күч менен тартып алуу, элди өздөрүнүн саясий укуктарынан ажыратуу жана алардын мамлекетке карата ролу менен милдеттерин жокко чыгаруу негизинде курулса, анда мамлекет элди мажбурлоо, зордук жана диктатура тилине өтөт. Натыйжада, башкаруу системалары диктатордук режимдерге айланып, эл менен бийликтин ортосунда душмандык мамиле түзүлөт. Анткени башкаруучу чындап келгенде

өзүн элдин душманы жана бийликти күч менен ээлеп алган зомбулукчу катары көрсөтүп, элдин кайгыларына кам көргөн чыныгы башкаруучу эмес болуп калат. Ал өз эли менен болгон пикирий жана туйгулук байланышты түп-тамырынан үзүп салат.

Мына ушул — биздин ислам өлкөлөрүндөгү кысымчы жана чет өлкөгө көз каранды башкаруу системаларынын абалы. Алар элдери менен ар дайым зулумдук, кылмышкердик жана жашоонун эң жөнөкөй керектөөлөрүн — нан менен мештин отунун — камсыздоодо зөөкүрлүк тили менен гана сүйлөшүп келишкен. Бул элдерди саясат менен алектенүүдөн жана өз укуктарын талап кылуудан алаксытып, күнүмдүк оокат менен алек кылуу үчүн атайын жүргүзүлгөн саясат болчу. Натыйжада кеңири аймактар мусулмандар үчүн чоң түрмөлөргө жана кыйноо жайларына айланды.

Бул кайгылуу абал адамдарды кандайдыр бир жол менен баш көтөрүүгө жана режимдерге каршы чыгууга алып келди. Анткени зулумдун узун түнү бир күнү сөзсүз таң ата турган мезгилге жетет, элдердин эрки ойгонуп, укуктарын талап кылып, зулумду четке каккан күн келет. Ошентип, мусулман элдер араб өлкөлөрүндө өздөрүнүн режимдерине каршы көтөрүлүп, алардын кулатылышын талап кылышты.

Мамлекет өз элине басым-кысым көрсөтүүнү канчалык күчөткөн сайын, иш жүзүндө мамлекет ошончолук алсызданат. Анткени эл менен мамлекеттин ортосундагы табигый мамиле элдин бийлик астында топтолушу, аны колдошу жана армия менен күч ээлери катарында мамлекетти табигый түрдө коргошу болуп саналат. Бул — элдин укугу жана милдети. Эгер мамлекет басым-кысым жана зулум тили менен элди басууга, анын милдетин жокко чыгарууга жана укугунан ажыратууга өтсө, анда элдин ичинде кайноо, нааразылык абалы пайда болот жана эл менен бийликтин ортосунда душмандык мамиле түзүлөт. Эл – мамлекеттин эң маанилүү күч фактору. Элди басып-жанчыган саясат бул маанилүү факторду жокко чыгарат, алсыратат жана аны мамлекетти алсыратуучу факторго айландырат. Натыйжада, мамлекет начарлайт. Башкаруучулар өздөрүнүн зулуму менен тактыларын сактап калабыз деп ойлошу мүмкүн, бирок иш жүзүндө бул тактылар элдин колдоосунан ажырап, бош тактыларга айланат. Мунун үстүнө, элдин бийликке каршы душмандыгы жана нааразычылыгы күчөйт.

Бул биздин Ислам өлкөлөрүбүздөгү режимдердин абалы. Башынан эле бул режимдерди Үммөттүн душмандары — Британиядан Францияга, андан соң Америкага чейинки мамлекеттер – орноткон. Алар биздин өлкөлөрдө түздөн-түз аскердик басып алуунун ордуна,

ушул режимдерди “колонизатордук жүз” катары орнотушкан жана өздөрүнүн саясий жана аскердик пландарын ишке ашырган курал кылышкан. Алар бийликти мусулман элдеринин эч кандай өкүлү болбогон жана эл арасында эч кандай табигый колдоосу жок болгон үй-бүлөлөргө жана топторго өткөрүп беришкен. Чындыгында, эгер иш татыктууларга берилгенде, бул үй-бүлөлөр жана топтор эч качан бийликке жетмек эмес, а түгүл эл арасында кадыр-баркка да ээ болбойт эле. Бул болсо колонизатор кафирлердин максаттуу планынын бир бөлүгү болгон: эл менен мамлекеттин биригүүсүнө тоскоол болуу үчүн бийлик менен элдин ортосунда ажырым жана кастыкты пайда кылышкан.

Ошондуктан кафир мамлекеттер биздин өлкөлөрдө ар дайым улутчулдук жана мазхабдык жаңжалдарды тутандырып турушкан, атайын коопсуздук жана чалгындоо режимдерин бекемдеп, эл арасында Исламды жок кылууга жана өлкөлөрүбүзгө бузукулукту киргизүүгө аракет кылышкан. Булардын баары жана башка көптөгөн иштер — Ислам Үммөтүн жана анын ыхластуу уул-кыздарын бийликтен алыс кармоо жана Ислам мамлекети кайра орнотулбашы үчүн жүргүзүлгөн системалуу аракеттер болгон.

Сириядагы алавий басисттик режими мунун ачык-айкын мисалы болуп эсептелет. Анткени бул режим Сирия элинин биринчи душманы болуп келген. Ал канчалык зулумдукту жана кысымды колдонбосун, Америка жана анын тарапташтары ага кандай гана колдоо жана көмөк көрсөтпөсүн, элдин ондогон жылдар бою унчукпай баш ийип, коркуп жашаганына карабастан, акыры кулады. Себеби эл көтөрүлүп, эркиндиктерин, укуктарын жана Өз Роббисинин шариаты менен башкарууну талап кылышты. Бирок аларга каршы дагы да ашкере зулум көрсөтүлдү. Натыйжада алар өздөрүнүн эркиндиги жана талаптары үчүн, өкүм жүргүзгөн басисттик тираниядан кутулуу үчүн эң кымбат нерселеринен баш тартууга аргасыз болушту.

Үчүнчүсү: элге кайрылуу тили алдамчылык жана алдоо тили болушу да мүмкүн. Мындай учурда башкаруучулар элдин маанилүүлүгүн жана бийликти колдоодогу ролун оозеки жүзүндө таанышат, бирок иш жүзүндө эки жүздүүлүк саясатын жүргүзүшөт. Анткени алардын башкаруу системасы же жол-жобосу элдин өздүк өзгөчөлүгүнө жана маданиятына каршы келет. Бул ыкманы айрым режимдер, кыймылдар жана топтор колдонуп келет: алар элдин колдоосун жана ыраазычылыгын алуу үчүн элдин кызыкчылыктарын коргоп жаткандай, талаптарын аткарып жаткандай көрүнгөн аракеттерди жасашат. Маселен, алар экономикалык ийгиликтерди көрсөтүшөт, же Үммөттүн душмандары менен түрдүү жолдор аркылуу

күрөшкөндөй болушат, аларга жеңил жеңиштерди көрсөтүшөт, же болбосо Америкага же яхудий вужудуна каршы ураандарды көтөрүп чыгышат. Бул болсо эл ичинде ыраазычылык жана колдоо сезимин пайда кылат.

Адатта минтип алданган элдер акыры айрым адамдарды ашкере даңктап, мактап, алардын ачык бузгунчулуктары көрүнүп турса да кол чабууга чейин барышат. Элдерге кайрылууда бул ыкманын бир мисалы Түркияда Эрдоган жана анын өкмөтү жүргүзгөн саясат болуп саналат. Ал шариат мыйзамдарын колдонбосо да, мусулмандардын душманы болгон Американын айланасында айланып, анын колонизатордук кызыкчылыктарына кызмат кылса да, Үммөт маселелерине кайра-кайра саткынчылык кылып келген болсо да, Түркиянын зор аскерий жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу менен бирге Түркияда жана Ислам дүйнөсүндө өзүнө чоң элдик колдоо базасын түзүүгө жетишти. Бул анын өкмөтү жүргүзгөн экономикалык иш-чаралар жана реформалар аркылуу болду: адамдар үчүн канааттандырарлык жашоо деңгээли камсыздалды, Түркия күчтүү жана өнүгүп жаткан өлкө катары көрсөтүлдү, аскердик кубаттуулук да көрсөтүлдү. Натыйжада эл анын жетишкендиктерине ыраазы болуп, анын саясатын колдоп калды.

Ошол эле учурда Эрдоган элдин диний сезимине атайын таасир кылуу аракетин көрүп, өзүн “исламий образда” көрсөтүп келди. Бул аркылуу ал мусулман элдин ишенимин жана колдоосун алууну көздөдү.

Бүгүнкү күндө Ислам Үммөтү узак жылдар бою баштарынан өткөргөн зор окуялардын натыйжасында, Аллахтын жардамы менен, ой-жүгүртүүсү жанданып, аң-сезими өсүп жатат. Алар тагдырий маселелерине: өзгөрүү, Аллахтын шариатын орнотуу, Мубарак жерлерди азат кылуу, Пайгамбарыбыз ﷺдын Исра сапарындагы мечитин (Масжидуль-Акса) кайра кайтаруу, залим режимдерди кулатуу сыяктуу маселелерге олуттуу көңүл бура баштаты. Бирок ар бир ири окуяда Үммөттүн багыты сыноодон өтүп жатат: көп учурда туура багытты тандаганы менен, душмандардын жана алардын малайларынын кысымынан жана таасиринен улам багытын жоготуп коюшууда.

Душмандарыбыз тынбай амалкөй план түзүшүп, Үммөттү өз жолунан адаштырууга жана аракеттерин бөлүп-жарууга жетишип келишет. Ошондуктан Үммөткө аң-сезимдүү жана чыныгы ишенимдүү жетекчилик керек — элди өзүнүн Роббисинин мыйзамдарына негизделген башкарууга алып баруучу, алардын катарларын

бириктирип, чыныгы Исламий башкарууну орното турган долбоор менен кайрылуучу жетекчилик керек.

Ал эми Аллах Таала Өзүнүн дини үчүн ар дайым чынчыл кулдарынан аскерлерди даярдап турат жана Өзүнүн кудурети менен Үммөт үчүн өзгөрүү, жеңиш жана бийлик орнотуучу жетекчиликти белек кылат. Бул Аллах үчүн кыйын эмес. ❑

# ТАЛИБАН КЫЙМЫЛЫ ЖАНА ХАЛИФАТТЫ ОРНОТУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

**Юсуф Арслан – Афганистан**

Бул дүйнө турмушу жоготуу менен толгон чоң казан сыяктуу, андан кутула тургандар мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдалана билген сүзүүчүлөр гана. Ошондуктан Кыямат күнү "өкүнүү күнү" деп аталып калган, анткени адамзаттын көбү бул дүйнөнүн жоготууларында чөгүп кетишкен жана өмүрүндө берилген кымбат мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалана албай калышкан. Алар Аллах Таала Үммөттү көтөрүп, урмат-сыйын кайтаруу үчүн берген алтын учурларды жеңил баалап, текке кетиришкен. Ал эми алардын тескериси "алдыга өткөндөр" болсо, Акыретте жогорку даражага жетишет, анткени алардын эң негизги сапаты мүмкүнчүлүктөрдү убагында таанып, пайдалана билүү болгон.

Мүмкүнчүлүктөр асманда тез эле жоголуп кетүүчү булуттар сыяктуу же кармап алуу кыйын болгон, өтө тездик менен чуркаган теке сыяктуу. Момун ар дайым аңдып турган мергенчи сымал болушу керек, ар дайым мүмкүнчүлүктү издөөдө жана кылдат көзөмөлдөөдө болушу зарыл. Ошондуктан Аллах Таала биздин жеке да, коомдук да турмушубузда маал-маалы менен баалуу мүмкүнчүлүктөрдү алдыбызга коёт: алар аркылуу күнөөлөрүбүздү кечирип, рухий даражаларыбызды көтөрөт же Жараткан Аллахтын жардамына жана жеңишине жетүүгө жол ачат.

Бул сөз кандай керемет: "Албетте, Роббиңердин күндөрүндө сиздерге рухий шамалдар келет, аларга умтулгула, балким алардын бирөөсү силерди каптаса, андан кийин эч качан бактысыз болбойсуңар".

Биз Аллах Таала "адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөт" деп сүрөттөгөн Үммөтпүз. Биз адамзатты Ислам өкүмдөрүнө ылайык жетектөө жана акыйкат жолуна багыттоо үчүн жаратылганбыз. Аллах Таала бизге Ислам менен урмат-сый берди, бирок биз аны бекем карманганда жана бир Халифага байат берип, бул дүйнөлүк миссияны толук аткарганда гана бул сакталат. Аллах Таала бизге бул дүйнөдө жашоо мүмкүнчүлүгүн жана Мухаммад ﷺ Үммөтүнүн бир бөлүгү болуу сыяктуу улуу артыкчылыкты тартуу кылды. Муну менен бизге бул улуу милдет жүктөлдү, аны аткарууга умтулушубуз керек.

Бирок бүгүн биз Ислам Үммөтү Халифасыз, бөлүнүп-жарылган абалда турган доордо жашап жатабыз. 1924-жылы Усман Халифалыгы кулатылгандан бери Үммөт үчүн Халифалыкты калыбына келтирүүгө бир нече мүмкүнчүлүктөр берилди. Акыркы жүз жыл ичинде Ислам

өкүмдөрүнө баш ийерин айтып жалган сүйлөгөн саясий жана аскердик топтор бийликке келишти. Бирок алар бийликке жетери менен башка башкаруучулар сыяктуу эле Исламды колдонууга киришпей туруп, жолдон тайышты. Алар “пайда”, “чындык” же “кудурет” сыяктуу шылтоолордун артына жашынып, өздөрүнүн улуу миссиясынан алысташты да, дүйнөлүк секулярдык системага баш ийишти. Акырында, алар бийликтен кулап түштү же жүрөктөрүндөгү Исламдын шамы өчүп калды. Бул топтор ар сапар бийликке жеткенде өткөн тарыхтан сабак алышкан жок жана Аллах берген мүмкүнчүлүктөрдү колдон оңой эле чыгарышты.

Ушул шарттарда, акыркы бир кылым ичинде афган эли үчүн да динге жардам берүү жана Халифалыкты тикелөө багытында өзгөчө мүмкүнчүлүктөр жаралган. Төмөндө биз кыскача Афганистандын жакынкы тарыхында болгон үч чоң мүмкүнчүлүктү карап чыгабыз. Бул мүмкүнчүлүктөрдө афгандар Халифалыкты калыбына келтирүү үчүн кадам таштоо шартына ээ болушкан, бирок тилекке каршы, алар бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланган жок.

Афганистан кылымдар бою расмий Халифалыктын башкаруусунан тышкарыда болуп келгенине карабастан, бул жер менен Халифалык өлкөсүнүн ортосунда ар дайым жылуу жана жакшы мамиле болуп келген. Усманий Халифалык “оорулуу адам” деп аталып, бир нече оор кризистер менен алышып турган кезде Афганистан Британия империясынын таасири астында калган болчу. Падыша Абдулхамид экинчи болсо терең көрөгөчтүк жана зор аракеттери менен Халифалыкты бул оор абалдан сактап калууга аракет кылган. Бирок акыры жалгыз калган. Ошондо ал дүйнөдөгү бардык мусулмандарга кайрылып, Халифалыкты сактап калуу үчүн жихадга чакырган.

Ошол шарттарда Афганистан саясий жана географиялык шылтоолорду бетке кармап, кандайдыр бир аракет көрүүдөн карманды. Таң калычтуусу, бүгүнкү күндө да Афганистандын башкаруучулары ошол эле шылтоолорду кайталап айтууда. Муну менен катар, Индия субконтиненти да ошол кезде Британиянын көзөмөлүндө болгон жана географиялык жактан Халифалык аймактарынан дагы алыс жайгашкан болчу. Бирок ошол жактагы мусулмандар кол куушуруп олтуруп калган жок, тескерисинче, “Халифалык кыймылын” түптөшүп, Усманий Халифалыкты колдоо үчүн каржылык да, жандуу да (жанын берип) чоң аракеттерди жасашкан.

Биринчи дүйнөлүк согуш башталганда Усманий Халифалык өзүн сактап калуу үчүн согушка кирүү чечимин кабыл алып, Германиянын тарабында болгон. 1915-жылы Усман-Герман биргелешкен элчилиги

Кабулга келип, Афганистандын амири Хабибулла Ханды Британия жана Россия падышалыгына каршы жихад жарыялоого көндүрүүгө аракет кылган. Бирок ал мындай кадамдан баш тарткан, анткени Британиянын таасирине жана көзөмөлүнө кирип калган эле. Хабибулла хан да бүгүнкү башкаруучулардай эле, географиялык алыстык жана күчтүн жетишсиздиги сыяктуу шылтоолорду көрсөткөн. Бирок чындыгында анын мындай чечим кабыл алуусунун негизги себеби Британиянын ыраазылыгын сактап калууга болгон умтулуусу болчу. Чынында Британия ортомчулук саясатты кармангany үчүн ага 60 миллион рупий жардам убада кылган, бирок убадасын аткарган эмес.

Ошол учурда Индия мусулмандары афгандардан чоң үмүт күтүшкөн жана бир топ мусулмандар Афганистанга көчүп барып, афгандар Британияга каршы жихад жарыялашат деп үмүттөнүшкөн. Экинчи тараптан, Афганистандын мусулмандары болсо, амир Хабибулла Хандын буйругуна каршы чыгып, Усманий Халифалыкты колдоону, Индия мусулмандарына жардам берүүнү каалашкан жана Британиянын дүйнөлүк согушка аралашуусун өздөрүнүн көз карандысыздыгына жетүү үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүк катары көрүшкөн.

Бирок Хабибулла хан эл ичиндеги исламий сезимдерди басуу жана көтөрүлүштөрдү алдын алуу үчүн сарайдагы аалымдарды пайдаланып, алардын таасирин элди тынчтандырууга жумшады. Аалымдар “Амирге баш ийүү” деген аталыштагы билдирүүнү даярдап, аны мечиттерде жана аскердик казармаларда таратышып, элди амирдин саясатына баш ийүүгө жана аны колдоого үндөштү!

Ошол учурда Убайдулла Синди жетектеген индиялык делегация Кабулга келип жайгашкан, алардын максаты жихад жана исламий биримдик үмүтүн кайрадан жандыруу болчу. Андан кийин, Аманулла хан бийликке келип, Британияга каршы Афганстандын көз карандысыздык согушун баштаганда индиялык мухажирлер бул күрөштө активдүү роль ойноп, чоң салым кошушкан.

Британия жеңилип, Афганистан көз карандысыздыкка жеткенден кийин дүйнө жүзүндөгү мусулмандардын жүрөгүндө жаңы үмүт учкуну тутанды. Ал убакта Ислам өлкөлөрүнүн ичинен көз карандысыз бойдон калган өлкөлөр Афганистан жана Усманий Халифалык гана эле. Афганистан мусулмандардын көпчүлүк аймактарын басып алган Британияны жеңди. Британия Халифалыкты кулатууга көмөктөшкөн өлкө болгондуктан, мусулмандардын Афганистанга карата кызыгуусу артты жана алар бул жерден Ислам кайра көтөрүлөт деп чоң үмүт кылышты.

Бул афгандар үчүн Халифалыкты кайра орнотууга тарыхтагы биринчи жолку мүмкүнчүлүк болчу. Индиялык мусулмандар афгандардын жихады уланып, мусулман армиясы Индияга карай жүрүш кылат деп үмүттөнүшкөн. А түгүл алар Аманулла хандан мусулмандарды башкарып, Ислам Үммөтүн кайра тирилтүү жана бириктирүү миссиясын өз мойнуна алуусун суранышкан.

Бирок мусулмандардан болгон мухажирлердин дагы бир жолу көңүлү калды. Анткени алар Аманулла хан "машрутчулук" мектебинде тарбияланганын жана Мустафа Камалдын саясатын жолдоону көздөп жатканын билишкен эмес. Ошентсе да, Аманулла хан элдин талабын ачык түрдө четке каккысы келген эмес, айрыкча Афганистандын ичинде да Халифалык жарыялоо боюнча талаптар күчөп жаткан кезде.

1924-жылы өткөрүлгөн Багман Лойа Жыргада Халифалыктын жоюлушу жана Афганистандын жаңы Түркия менен мамилеси башкы талкуу темаларынын бири болгон. Аалымдар жана Аманулла хан бул жыйындын бүтүндөй бир күнүн Халифалык маселесин талкуулоого арнашкан, бирок алар бир бүтүмгө келе алышкан эмес, талкуу экинчи күнгө созулган. Бул эки күн ичинде аалымдар Халифалыктын жоюлушун кайгылуу окуя катары баалашкан жана жаңы Халифаны дайындоо шариат боюнча фарз экенин баса белгилешкен. Кээ бир аалымдар Аманулла хандан өзүн мусулмандардын Халифасы деп жарыялоону да суранышкан.

Молдо Түркестани Халифалыктын маанилүүлүгү тууралуу кыскача билдирүү жасап, мындай деген: "Ислам аалымдарынын бардык катмарлары жана даражалуу инсандары сиздин улуу затыңызды Халифалыкка ылайыктуу жана татыктуу деп эсептешет, сиз бул жогорку даражаны кабыл алууга милдеттүүсүз".

Бирок Аманулла хан өзүнүн ой-жүгүртүүсү жана саясий багыты менен улуттук мамлекет курууну максат кылган жана дүйнө менен, анын ичинде согушкан Британия менен да дипломатиялык мамилелерди түзүүгө умтулган. Ошондуктан Аманулла хан бул сунушту дипломатиялык жол менен четке какты. Ал "бул талаптын реалдуу эместиги", "мүмкүнчүлүктүн жоктугу", "Халифалыктын пайдасы жоктугу" сыяктуу шылтоолорду айткан. Ал Молдо Түркестаниге мындай жооп берген: "Сиздин жана башкалардын сөздөрүн эске алып, мен бул оор жүктү көтөрө албайм, анткени бул жолдо сансыз тоскоолдуктарды көрүп турамын. Мен Ислам дүйнөсүнүн бөлүнүшүнө себепчи болууну каалабайм. Сиз айткандай, Халифалыктын болушунун же болбошунун кемчиликтерин жана

пайдасын талкуулап чыгуу керек, андан соң бул маселени чечүү Ислам аалымдарынын милдети болуп саналат".

Бүгүнкү күнгө чейин бийликке жеткен исламчылар ой-жүгүртүүдө жана саясатта Мустафа Камал, Реза Шах, Аманулла хан, Шариф Хусейн жана башка секуляристтер менен улутчулдардан айырмаланабыз деп эсептешкени менен, иш жүзүндө алар чоң айырма көрсөтүшкөн жок жана алардын саясатына абдан окшош жолду тандашкан.

Аманулла хан жүргүзгөн секулярдык, улутчулдук жана экономикага багытталган "реалисттик" саясаттар кандайча ошол кезде мусулмандардын үмүтүн өчүргөн болсо, бүгүн да дал ошондой саясаттар өздөрүн "ислам багытындабыз" деп эсептеген азыркы лидерлер тарабынан мусулмандардын көңүлүн суутууда.

Индиядан Афганистанга көчүп келген мухажирлер акырындык менен үмүтүн өзү баштаган жана акыры башка жерлерге көчүүгө аргасыз болушкан. Бул көңүл калуу өзгөчө күчөгөн учур Аманулла хан Британия менен Кабул жана Равалпинде келишимдерин түзгөндө болгон. Ал бул келишимдерде Афганистан Британияга эч кандай коркунуч жаратпасын убада кылган жана Британия менен саясий жана экономикалык алакаларды түзүүгө даярдыгын билдирген. Бул болсо Индия жана башка Ислам өлкөлөрүндөгү мусулмандардын үмүтүн ого бетер өчүргөн.

Ошентип, бул тарыхый мүмкүнчүлүк текке кетти. Бирок кийинчерээк Советтер Союзу Афганистанды басып алганда афган эли теңдешсиз кайраттуулук менен көтөрүлүп, ага каршы жихад жарыялап, бекем туруу менен каршылык көрсөттү. Аллахтын жардамы жана элдин курмандыктарынын натыйжасында жеңишке жетишилди. Мужахиддер заманбап аскердик жабдуулар менен камсыздалган күчтүү мамлекетке ээ болушту.

Дагы бир жолу, дүйнө жүзүндөгү мусулмандардын үмүтү Афганистан тарапка бурулду. Ар кандай Ислам өлкөлөрүнөн келип, афгандар менен катар жихад кылган мухажир мужахиддер Афганистан бир күнү саясий күчтүн жана Халифалыктын борборуна айланып, бардык Ислам өлкөлөрүн залим башкаруучулардын чеңгелинен куткарат деп үмүттөнүшкөн.

Исламий уюмдардын делегациялары бул тарыхый мүмкүнчүлүктү колдонуу үчүн Афганистанга келишти. Араб жана ажам жихадчы топтор үмүткө толуп турган, айрыкча афган мужахиддеринин арасында да "Халифалык — Исламдагы жападан жалгыз туура башкаруу системасы" деп эсептеген адамдар бар эле. Мужахиддер "Халифалык — бул нур чачкан чырак, анын айланасында мусулмандар

көпөлөктөр сымал айланышат” деп ишенишкен. Бирок афган мужахиддери улуттук мамлекет түзүү жолуна түшүп, бийлик талашуу фитнасына малынып кетишти. Ички келишпестиктер жана таасир үчүн болгон күрөш аларды баштапкы максаттан алыстатып, акырында өз колдору менен өздөрүн кыйроого учуратты. Натыйжада, мусулмандардын мухажирлери жана афган мужахиддери гана үмүтсүздүккө кабылып тим болбостон, алардын көбү мекенине кайтышкан, ал эми калгандары башка жерлерге көчүүгө аргасыз болушкан.

Бул афгандардын Халифалыкты орнотуу үчүн тарыхтагы экинчи чоң мүмкүнчүлүктү колдон чыгарышы болду. Бул жолу дагы бир империя кулагандан кийин мүмкүнчүлүк текке кеткен эле.

Эми болсо биз НАТО жеңилген жана Афганистанда Халифалыкты калыбына келтирүү үчүн үчүнчү Кудай берген мүмкүнчүлүк ачылган доордун күбөлөрүбүз. Американын жана НАТОнун бул жерде жеңилиши дүйнө жүзүндөгү мусулмандарга жаңы үмүт тартуулады: Афганистан бул алтын мүмкүнчүлүктү пайдаланат жана мурунку каталарды кайталабайт деген үмүт пайда болду.

Таң калычтуусу бул Кудай берген мүмкүнчүлүк өзгөчө шарттарда келген: бир жагынан НАТО Афганистанда жеңилди, экинчи жагынан Батыш Украинадагы согуш жана Кытайды токтотуу саясаты менен катуу алаксып калды. Бул кырдаал Афганистандагы мусулмандар үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүк: алар ушул шарттарды жана душмандардын өз көйгөйлөрү менен алаксып калган учурдан пайдаланып, Халифалыкты орнотуу үчүн тарыхый кадам таштай алышат.

Азыр болсо, Газа согушунун айынан мусулмандардын сыноосу катуу күчөп турганда жана Ислам дүйнөсүнүн бардык бурчтарынан афган мужахиддерине бир туугандарынын жардамга чакырыктары жаңырып жатканда алдыбызда негизги суроо турат: Афганистандын башкаруучулары бул тарыхый “теке сымал” мүмкүнчүлүктү кармай алышабы же мурункулардын жолун кайталап, өкүнүч менен бармак тиштегендердин катарына кошулуп калышабы?

Тарых — сабактарга толгон китеп. Аманулла хан Аллах Таала менен болгон келишимин сактабай, Британия менен түзгөн келишимин артык көрүп, Кудай берген мүмкүнчүлүктү текке кетирген болчу. Ал өзүнүн таажысын Хабибулла Калакани сыяктуу белгисиз бир киши кулатат деп эч качан элестеткен эмес.

Ошондой эле, Советтер Союзуна каршы согушуп, бирок кийин улуттук мамлекет курууга киришип, дүйнөнүн коодугуна малынып кеткен афгандык мужахиддердин тагдыры биздин көз алдыбызда турган жокпу?

Эми суроо туулат: Афганистанда, Сирияда жана башка мусулман өлкөлөрүндө Ислам ураанын көтөрүп бийликке келгендер мурункудай эле өткөндөрдүн кесепетин ачык көрүп турганына карабастан, шылтоолорду айтып, өздөрүнүн Исламга каршы саясаттарын актоо жолун уланта беришеби?

Азыр, үчүнчү тарыхый мүмкүнчүлүктө, Хизб ут-Тахрир ачык түрдө Афганистандын башкаруучуларын Халифалыкты орнотууга чакырууда. Бирок, алардын жообу кандай болот? Биз дагы бир жолу Аллах берген мүмкүнчүлүктөн качууну көрөбүзбү же бул жолу тарыхтын жана фарздын чакырыгына чыныгы жооп берилеби?

Азырынча мүмкүнчүлүктүн эшиги ачык турат. Дүйнө жүзүндөгү мусулмандар, айрыкча афгандар менен катар согушкан мухажир мужахиддер ар дайым ушул күндү — Аллахтын дини урматталчу, эзилгендерге жардам жетчү жана Үммөттү бириктирип, анын даңкын кайра жанданта турган Халифалык орнотулчу күндү күтүп келишкен.

Сүйүнүчтүүсү бул эшик азырынча ачык турат. Бүгүнкү күндө мужахиддерде Хизб ут-Тахрирге жардам берүү менен “экинчи ансарлардан” болуу мүмкүнчүлүгү бар. Бирок бул эшик түбөлүккө ачык бойдон турбайт. Кимге жакшылык эшиги ачылса, мүмкүнчүлүктү дароо пайдаланып калуусу керек, анткени бул эшик качан жабыларын эч ким билбейт. Эгер ал пайдаланбаса, анда Кыямат күнү өкүнгөндөрдөн болуп калат.

Ошондуктан, биз бул Үммөттү жана анын башкаруучуларын кайдыгерликтен жана бул улуу мүмкүнчүлүктөрдү текке кетирүүдөн эскертебиз. Аллах Таала айткандай:

﴿وَأَنذِرْهُمْ يَوْمَ الْحَسْرَةِ إِذْ قُضِيَ الْأَمْرُ وَهُمْ فِي غَفْلَةٍ وَهُمْ لَا يُؤْمِنُونَ﴾

*«(Эй Мухаммад)* ***сен аларды баардык иш бүтүрүлүп,*** *(бейиш калкы бейишке, тозокулар тозокко өкүм кылынып, алар)* ***өкүнүп-бушайман болуп кала турган Күндөн-Кыяматтан коркуткун!*** *(Бүгүн)* ***алар бейкапар*** *(ошол себептен)* ***алар ыйман келтиришпейт».*** (Марийм сүрөсү: 39).

Ошентип, мүмкүнчүлүк биздин алдыбызда турат, бирок бул эшик түбөлүккө ачык бойдон турбайт экенин билишибиз керек. Бүгүн кайдыгерлик кылгандар эртең өкүнүп кала тургандардан болот. ❑

# ВАКЫЙЛЫКТЫ ӨЗГӨРТҮҮ ЖОЛУ ЖАНА ДАРУЛ КУФРДУ ДАРУЛ ИСЛАМГА ӨЗГӨРТҮҮ

**Махмуд Лайси – Мисир**

Ислам Үммөтүнүн бүгүнкү күндөгү эң улуу маселеси — бул анын жашап жаткан вакыйлыгын түп-тамырынан өзгөртүү жана Дарул куфрдан Дарул Исламга өтүү маселеси. Бул маселе жөн гана теориялык же ой жүгүртүү маселеси эмес, тескерисинче, бул Үммөттүн түзүлүшүнө, ар-намысына жана жалпы жашоосуна түздөн-түз тиешеси бар тагдырий маселе болуп саналат.

Дарул куфр бул жерде жахилиянын өкүмдөрү үстөмдүк кылган, кафирлер жана алардын колдоочулары мусулмандардын иштерин башкарган аймак болуп саналат. Бул Дарул Исламга карама-каршы нерсе. Дарул Ислам болсо Ислам дини өкүм сүргөн, анын көлөкөсүндө жашоо жүргүзүлгөн, коопсуздук, бейпилдик, адилеттүүлүк жана ар-намыс камсыздалган аймак.

Ошондуктан бүгүн Үммөттүн акыл-эсинде эң көп орун алган суроо: бул вакыйлыкты кантип өзгөртөбүз? Кантип Дарул Исламды, башкача айтканда бардык мусулмандарды бириктирген, “Ла Илаха иллаллах Мухаммадур Расулуллах” деген жазуусу бар “Райатул Укааб” туусунун астында турган Халифалык мамлекетин кайра орнотобуз?

**Биринчиден: Дарул куфр менен Дарул Исламдын аныктамасы.**

Иштин башында айтабыз, аймактар негизинен эки түргө бөлүнөт: Дарул Ислам жана Дарул куфр. Бул маанини колдогон далилдердин катарында Бурайда رضي الله عنه риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ бир аскер бөлүгүн же армияны жөнөткөндө анын жетекчисине минтип деп осуят кылган:

«...ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى الْإِسْلَامِ، فَإِنْ أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ عَنْهُمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى التَّحَوُّلِ مِنْ دَارِهِمْ إِلَى دَارِ الْمُهَاجِرِينَ...» رواه مسلم

**«...Андан соң аларды Исламга чакыр. Эгер кабыл алышса, анда алардан кабыл алгын жана аларга тийбе. Андан кийин аларды өз үйлөрүнөн көчүп, мухажирлердин жерине көчүп келүүгө чакыр...».** (Муслим риваяты).

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«لَا يَقْبَلُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ مِنْ مُشْرِكٍ بَعْدَمَا أَسْلَمَ عَمَلاً، أَوْ يُفَارِقَ الْمُشْرِكِينَ إِلَى الْمُسْلِمِينَ».

**«Аллах Таала ширк кылуучудан, ал Исламды кабыл алгандан кийин анын амалын кабыл албайт, же болбосо мушриктерден ажырап чыгып, мусулмандардын арасына кошулмайынча кабыл**

**албайт».** (Насаи жана Ибн Мажа сахих санад менен риваят кылышкан).

Бул нусустар бизге аймактардын эки түрү бар экенин көрсөтөт: Дарул Ислам жана Дарул куфр. Дарул Исламда Исламдын өкүмдөрү иш жүзүндө колдонулат жана анын коопсуздугу мусулмандардын коопсуздугу менен камсыздалат.

Дарул куфрда Исламдын өкүмдөрү колдонулбайт же анын коопсуздугу Ислам коопсуздугуна негизделбеген аймак, кээде бул жерде жашагандардын басымдуу бөлүгү мусулмандар болсо да.

Аллах Таала мындай деп айткан:

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُم فِي الأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْناً﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа - орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон (Ислам) динин, үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды*** *(көргөн)* ***коркунучтарынан кийин, тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды”.*** (Нур: 55).

Бул аятта айтылгандай, диндин үстөмдүк кылуусу жана коркунучтан соң амандыкка жетишүү — Ислам мамлекети болгон Дарул Исламды түзүү үчүн шарт. Анткени диндин үстөмдүгү анын өкүмдөрүнүн колдонулушун жана аны сактап турган коопсуздукту талап кылат. Бул экөө жердин Дарул Ислам болушу үчүн сөзсүз керек болгон шарттар.

Мындан тышкары, Куранда Аллах Таала буйруган өкүмдөр менен башкаруу керектигин билдирген башка аяттар да бар:

Аллах Таала айткан:

﴿وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُم بِمَا أَنزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَاءهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَن بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللهُ إِلَيْكَ﴾

***“****(Эй Мухаммад)****, алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе*** *(дин)* ***менен өкүм кылгын, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерди ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитна-эки анжылыкка салып коюуларынан этият бол!”.*** (Маида: 49),

жана дагы:

﴿وَمَن يَبْتَغِ غَيْرَ الإِسْلاَمِ دِيناً فَلَن يُقْبَلَ مِنْهُ﴾

***“Кимде-ким Исламдан башка динди каалаcard, анда,*** *(анын «дини» Аллахтын алдында)* ***эч качан кабыл алынбайт”.*** (Али Имран: 85),

жана:

﴿وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَـئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ﴾

***“Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер”.*** (Маида: 44).

Ошондой эле, бул маселеге далил Мадина келишиминен да табылат. Анда мындай деп айтылат:

«...وَإِنَّهُ مَا كَانَ بَيْنَ أَهْلِ هَذِهِ الصَّحِيفَةِ مِنْ حَدَثٍ أَوْ اشْتِجَارٍ يُخَافُ فَسَادُهُ، فَإِنَّ مَرَدَّهُ إِلَى اللهِ عَزَّ وَجَلَّ، وَإِلَى مُحَمَّدٍ رَسُولِ اللهِ ﷺ»

**«...Бул келишимге киргендердин арасында кандайдыр бир чатак же кооп-коркунучтуу окуя чыкса, анын чечими Аллах Таалага жана Мухаммад Расулуллахка ﷺ кайтарылат...».**

Мындан ачык-айкын көрүнүп турат: бул аймакта өкүм чыгаруу толугу менен Исламга гана таандык болгон. Бул маселени сахабалар дагы ушундай түшүнүшкөн жана аны Исламий жоболор аркылуу иш жүзүндө колдонушкан. Шаар же калк Ислам бийлигине баш ийгенден кийин ошол замат ал жер Дарул Исламга айланган. Алардын тургундары мурунку дининде калганы менен, аймак Ислам мамлекети болуп калган.

Ал эми тескерисинче, эгер кафирлер Ислам жеринин бир бөлүгүн басып алышса, анда ал жер, тургундары мусулман болгону менен Дарул куфр болуп калат.

Пайгамбарыбыз ﷺ Мекени багынткандан кийин мындай деген:

«لَا هِجْرَةَ بَعْدَ الْفَتْحِ، وَلَكِنْ جِهَادٌ وَنِيَّةٌ»

**«Фатхтан** (Меккенин багынтылышынан) **кийин эми хижрат жок, бирок жихад жана ниет бар».** (Бухари жана Муслим риваяты).

Анткени Мекке фатх болгондон кийин Дарул Исламга айланган жана Меккеден хижрат кылууга муктаждык калбаган. Хижрат болсо мурун Дарул куфрдан Дарул Исламга көчүү болгон.

Ибн Абидин өзүнүн «Хашиясында» имам Абу Ханифанын رحمه الله’ төмөнкү сөзүн алып келген:

"تصير دار الإسلام دار كفر بظهور أحكام الكفر فيها، وتصير دار الكفر دار إسلام بظهور أحكام الإسلام فيها"

*«Дарул Ислам — ал жерде куфр өкүмдөрү көрүнгөндө – Дарул куфрга айланат. Ал эми Дарул куфр — ал жерде Ислам өкүмдөрү көрүнгөндө – Дарул Исламга айланат».*

Бул сөзүндө ал «өкүмдөрдүн көрүнүшүнө» басым жасап, жердин мүнөзүн аныктоодо ошол көрүнүштү критерий катары белгилеген.

Ибн Таймия да мындай деген:

"الاعتبار في الديار بظهور الدين فيها، فما غلب عليه أحكام المسلمين فهو دار الإسلام، وما غلب عليه أحكام الكفار فهو دار كفر"

*«Аймакты аныктоодо негиз диндеги көрүнүшкө жараша болот: эгер мусулмандардын өкүмдөрү үстөмдүк кылса, ал Дарул Ислам болот, ал эми кафирлердин өкүмдөрү үстөмдүк кылса, ал Дарул куфр болот».*

Мында да үстөмдүк кылган өкүмдөр менен жердин табияты байланыштырылган.

Имам Куртуби болсо мындай деген:

"دار الإسلام هي التي تظهر فيها أحكام المسلمين، ودار الكفر هي التي تظهر فيها أحكام الكفار".

*«Дарул Ислам — ал жерде мусулмандардын өкүмдөрү көрүнүп турган жер, ал эми Дарул куфр — ал жерде кафирлердин өкүмдөрү көрүнүп турган жер».*

Имам Маварди болсо өзүнүн «Ахкамус-Султания» (Башкаруу өкүмдөрү) аттуу китебинде мындай деп айткан:

"دار الإسلام هي التي تكون تحت سلطان المسلمين، ودار الكفر هي التي تكون تحت سلطان الكفار"

*«Дарул Ислам — бул мусулмандардын бийлигине баш ийген жер, ал эми Дарул куфр — кафирлердин бийлигине баш ийген жер».*

Бул жерде ал «султанды» жана «бийликти» да жердин классификациясы үчүн критерий катары кошуп жатат.

Шарият далилдеринен жана аалымдардын сөздөрүнөн төмөнкү нерселер ачык-айкын көрүнүп турат:

Аймактын “Дарул Ислам” же “Дарул куфр” болушун аныктоонун негизги критерийлери төмөнкүлөр:

1. Шарияттын үстөмдүгү:

Жерде Ислам жана анын өкүмдөрү гана колдонулушу керек.

2. Коопсуздук:

Султан (бийлик) Үммөттүн өзүндө болуп, мусулмандардын коопсуздугу кафирлердин бийлиги менен эмес, алардын өз бийлиги менен камсыздалуусу керек,.

Ошентип, бул аныктамадан төмөнкүдөй жыйынтык чыгат: аймактын табиятын аныктоодо негизги өлчөм ошол жерде жашаган мусулмандардын саны эмес, ал жерде кандай система өкүм сүрүп

жаткандыгында. Эгерде шарияттын үстөмдүгү болсо, ал Дарул Ислам болот. Эгерде башка нерсе үстөмдүк кылса, ал Дарул куфр болот.

**Экинчиден: Үммөттүн Дарул куфрга өзгөрүшүнүн жана анын уланышынын себептери**

Келгиле, Ислам Үммөтү Халифалыктын көлөкөсүндө турган бирдиктүү Дарул Исламдан бүгүнкү бөлүнүп-жарылган, кафирлер башкарган учурдагы абалга кандайча түшүп калгандыгынын жана бул абалдын уланышынын себептерине көңүл буралы:

1. Халифалыктын жоюлушу.

1924-жылы Усмантй Халифалыктын кулашы Ислам Үммөтүн Дарул Исламдан Дарул куфрга өткөргөн эң чоң бурулуш болду. Мурун Үммөт бир Халифанын астында бириккен болсо, эми майда улуттук мамлекеттерге бөлүнүп, ар бирин Батышка кызмат кылган саткындар башкарып калды.

2. Пикирий жана сакафий чабуул.

Колонизаторлор Үммөттү батышташтыруу үчүн аракет кылышты: улутчулдук, секуляризм жана демократия сыяктуу идеяларды жайылтышты, өнүгүү түшүнүгүн бурмалап, хазарат менен маданиятты аралаштырып, мусулмандардын аң-сезимине “өнүгүү — Батышка баш ийүү жана анын артынан ээрчүү” деген түшүнүктү сиңдиришти.

3. Саясий бөлүнүү.

Колонизаторлор жасалма чек араларды орнотуп, Үммөттү алсыз кичинекей мамлекеттерге бөлүп салышты. Ар биринде өзүнүн Конституциясы жана Исламга каршы багытталган мыйзамдары бар.

4. Башчыларды башкаруу аркылуу оюн ойноо.

Кафирлер мусулмандардын жеринде алардын саясатын ишке ашыра турган саткын башкаруучуларды даярдап, бийликке алып келишти. Бул башкаруучулар Исламдын кайра өкүм жүргүзүшү үчүн көтөрүлгөн ар кандай аракетти катаал басып келишет.

5. Саясий аң-сезимдин алсырашына алып келүү.

Үммөт өзүнүн негизги маселелеринен алаксытылып, майда жана экинчи даражадагы темаларга чалгып калды. Натыйжада Үммөт бүгүнкү реалдуулукту түп-тамырынан өзгөртүү тууралуу олуттуу ойлоно албай калды.

**Үчүнчүдөн: вакыйлыкты өзгөртүү жолу**

Мекке Пайгамбарыбыз ﷺ Пайгамбар болуп жиберилген учурда Дарул куфр болчу. Ал ﷺ ошол жерде вакыйлыкты өзгөртүү жана аны Дарул Исламга айлантуу үчүн аракет кылды. Ал бул багытта он үч жыл бою тынымсыз иш алып барып, Меккени Дарул Ислам болууга ылайыкташтырган шарттарды түзүүгө аракет кылды.

Ал ﷺ Меккеде куфр жана анын пикирлерин жок кылуу үчүн күрөшүп, аларды шылдыңдады жана мазактады, кафирлердин башчыларын ашкереледи. Мушриктердин куугунтугуна жана катаал зомбулугуна чыдап, сабыр кылды. Анын асыл сахабалары менен бирге ар кандай азап-тозокторго кабылышты. Бир күнү сахабалар ал ﷺ Каабанын көлөкөсүндө жамбаштап жаткан учурда келип: «Биз үчүн жардам сурап дуба кылыңызчы? Биз үчүн дуба кылбайсызбы?» - деп кайрылышты. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ минтип жооп берди:

«قدْ كانَ مَن قَبْلَكُمْ، يُؤْخَذُ الرَّجُلُ فيُحْفَرُ له في الأرْضِ، فيُجْعَلُ فيها، فيُجاءُ بالمِنْشارِ فيُوضَعُ علَى رَأْسِهِ فيُجْعَلُ نِصْفَيْنِ، ويُمْشَطُ بأَمْشاطِ الحَدِيدِ، ما دُونَ لَحْمِهِ وعَظْمِهِ، فَما يَصُدُّهُ ذلكَ عن دِينِهِ، واللَّهِ لَيَتِمَّنَّ هذا الأمْرُ، حتَّى يَسِيرَ الرَّاكِبُ مِن صَنْعاءَ إلى حَضْرَمَوْتَ، لا يَخافُ إلَّا اللَّهَ، والذِّئْبَ علَى غَنَمِهِ، ولَكِنَّكُمْ تَسْتَعْجِلُونَ».

**«Силерден мурун өткөндөрдү да кыйнашчу, бир кишини алып, жерге чуңкур казып, ага салып, анын үстүнө араны коюп, экиге бөлүшчү же темир тарактар менен этин жана сөөктөрүнө чейин сыйрышчу, бирок бул нерселер аларды дининен кайтарган эмес. Аллахка ант берем, бул иш сөзсүз аяктайт: Санадан Хадрамавтка чейин саякат кылган киши Аллахтан жана койуна тийчү карышкырдан башка эч нерседен коркпой турган күн келет. Бирок силер шашып жатасыңар».** (Бухари риваяты).

Меккенин ошол мезгилдеги вакыйлыгын жана ошол учурга түшкөн өкүмдөрдү, ошондой эле дааватты кантип жүргүзүүнү жана аны көтөрүп чыккандардын иш-аракетин айтып жатканда, мындай көрүнүш ачыкталат: дааватты көтөрүп чыгуу пикирий күрөш аркылуу жүргүзүлгөн.

Пайгамбарыбыз ﷺ түптөгөн жамаат коом менен өз ара аракеттенүү аркылуу куфр пикирлерин талкалоого багытталган. Кафир башкаруучуларга жана алардын ыплас, текебер, менменсинген саясатчыларына акылмандык менен күрөш жүргүзүлгөн. Бирок материалдык аракетке же куралдуу күрөшкө жамаат киришкен эмес.

Бул Аллах Таала мындай дегенине дал келет:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ قِيلَ لَهُمْ كُفُّوا أَيْدِيَكُمْ وَأَقِيمُوا الصَّلَاةَ وَآتُوا الزَّكَاةَ﴾

*“(Эй Мухаммад)* ***мына бул кишилерди көрбөдүңбү, аларга*** *(мурун Меккеде турган убактарында кафирлерге каршы согушууга талапкер болушканда)****: Өзүңөрдү баскыла жана намазыңарды окуп, зекетиңерди аткарып тургула»,- делген эле”.*** (Ниса сүрөсү: 77).

Ибн Касир Ибн Аби Хатимдин төмөнкү сөзүн риваят кылат:

Бизге Али ибн Хусейн айтып берди, ага Мухаммад ибн Абдулазиз ибн Аби Разма жана Али ибн Занжа айтып беришкен. Алар болсо Али

ибн Хасан аркылуу, ал Хусейн ибн Вакидден, ал Амр ибн Динардан, ал Икрима аркылуу Ибн Аббас رضي الله عنه айтып берген:

“Абдуррахман ибн Ауф жана анын бир нече досу Меккеде Пайгамбарыбыз ﷺ га келип: «Эй, Аллахтын Пайгамбары! Биз мушрик кезде абройлуу элек, эми ыйман келтиргенибизден кийин төмөндөп калдык» - дешти. Пайгамбарыбыз ﷺ аларга мындай деди:

«إِنِّي أُمِرْتُ بِالْعَفْوِ فَلَا تُقَاتِلُوا الْقَوْمَ»

**«Мен кечиримдүүлүк көрсөтүүгө буйрулдум. Ошондуктан адамдар менен согушпагыла».**

Андан кийин Аллах Таала аны Мадинага көчүргөн соң, ага согушууга буйрук кылынды. Алар болсо буйрук келгенге чейин колдорун тыйып турушту. Андан кийин жогорудагы аят түшкөн.

Бул окуядан көрүнүп тургандай, Меккеде Пайгамбарыбыз ﷺ доорунда кээ бир өкүмдөр түшкөн болчу, мисалы, намаз жана зекет. Бул сыяктуу айрым өкүмдөрдү аткаруу үчүн сөзсүз түрдө мамлекет болуусу шарт эмес эле. Ошондой эле, Меккеде түшкөн аяттар буттарга сыйынууну шылдыңдап, кыз балдарды тирүүлөй көмүү сыяктуу жаман адаттарды сындап, өлчөм менен таразада алдоо сыяктуу иштерди тыюу менен, ошол коомдун мыйзамдарынын жана түзүмдөрүнүн бузгунчулугун ачыктап, аларды Аллахтын жолуна ылайык түп-тамырынан өзгөртүү керек экенин көрсөттү.

Алар “Ла илаха иллаллах” сөзүнүн маңызын жакшы түшүнүшчү, бул сөз буйруктарды жана тыюуларды алып келет жана алардын жашоо образына катуу чек коюп, иш-аракеттерин тартипке салат. Бирок мушриктер текебердиктери менен мындай чектөөнү каалашкан эмес. Ошондуктан алар бул динге каршы чыгып, Пайгамбарыбыз ﷺдын даават ына каршылык көрсөтүштү.

Кафирлер Пайгамбарыбыз ﷺды ар кандай сунуштар менен дааватты өзгөртүүгө жана аны жолунан кайтарууга аракет кылышканда, ал ﷺ аларга мындай деп айткан:

«لَوْ وَضَعُوا الشَّمْسَ فِي يَمِينِي وَالْقَمَرَ فِي شِمَالِي عَلَى أَنْ أَتْرُكَ هَذَا الْأَمْرَ حَتَّى يُظْهِرَهُ اللهُ أَوْ أَهْلِكَ فِيهِ مَا تَرَكْتُهُ»

**«Алар күндү оң колума, айды сол колума коюп, ушул иштен баш тартуумду талап кылышса да, Аллах бул ишти жеңишке жеткирмейинче же мен бул жолдо каза болгонумча таштабайм».**

Аллах Таала Пайгамбарыбыз ﷺ га дааватты кантип алып жүрүү керектигин көрсөтүп турган. Ал чөйрөдөгү кафирлердин ойлоруна, мыйзамдарына жана атаандаш принциптерине каршы туруусу керек

эле. Ошондой эле, дааават жолунда алардын сунуштарына, басымына алдырбоосу зарыл болчу. Бул мааниде Аллах Таала мындай деген:

﴿وَكُلّاً نَّقُصُّ عَلَيْكَ مِنْ أَنبَاءِ الرُّسُلِ مَا نُثَبِّتُ بِهِ فُؤَادَكَ ۚ وَجَاءَكَ فِي هَٰذِهِ الْحَقُّ وَمَوْعِظَةٌ وَذِكْرَىٰ لِلْمُؤْمِنِينَ﴾

*«(Эй, Мухаммад),* ***сага пайгамбарлардын бул кабарларынан дилинди бекемдеп, кубаттандыра турган икаяларды баян кылабыз жана бул икаяларда сага чындык жана насаат, ошондой эле бардык момундар үчүн эскертмелер келди»***. (Худ: 120).

Ошондой эле, Аллах Таала мындай деп эскерткен:

﴿وَإِن كَادُوا لَيَفْتِنُونَكَ عَنِ الَّذِي أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ لِتَفْتَرِيَ عَلَيْنَا غَيْرَهُ وَإِذاً لَّاتَّخَذُوكَ خَلِيلاً * وَلَوْلَا أَن ثَبَّتْنَاكَ لَقَدْ كِدتَّ تَرْكَنُ إِلَيْهِمْ شَيْئاً قَلِيلاً﴾

*«(Эй Мухаммад, мушриктер)* ***сени Бииздин абройубузга*** *(вахийден)* ***башка нерселерди ойлоп чыгаруун үчүн – Биз сага вахий кылган аяттардан алдап – буруп жиберүүлөрүнө аз калды. Андай болгондо*** *(тактап айтканда, алардын жол – жоруктарына жүрсөң)* ***сени дос кылып алышкан болоор эле. Эгер Биз сени*** *(Акыйкат Жолдо)* ***бекем-туруктуу кылбаганыбызда сен аларга бир кыйла кызыгууңа*** *(жакындооңо)* ***аз калды».*** (Исра: 73–74).

Ошондуктан Пайгамбарыбыз ﷺ чакыруусун Аллахтын буйругуна ылайык улантып, сабыр кылып, Аллахтын бул сөзүнө баш ийди:

﴿وَاصْبِرْ لِحُكْمِ رَبِّكَ فَإِنَّكَ بِأَعْيُنِنَا﴾

***“Сен Роббиңдин өкүмүнө*** *(тактап айтканда мушриктерди тез азапка дуушар кылбаганына жана сени түрдүү машакаттуу сыноолор менен текшерүүсүнө)* ***сабыр кылгын. Негизи сен шек-күмөнсүз Биздин көз алдыбыздасың*** *(тактап айтканда колдоо-коргообуздасың)****”.*** (Тур: 48).

Аллах Таала Пайгамбарыбыз ﷺга күч-кубат жана таасир ээлеринен жардам сурап, алар аркылуу жерди өзгөртүүнү жана анда Ислам өкүмдөрү колдонулуп, коопсуздук жана бийлик мусулмандардын колунда турган Дарул Исламды түзүүнү буйруду. Ошентип, Пайгамбарыбыз ﷺ арабдардын жыйырмадан ашуун уруусунун үйлөрүн кыдырып, аларды Исламга чакырып, мындай деп суранды:

«مَنْ يَنْصُرُنِي حَتَّى أُبَلِّغَ رِسَالَةَ رَبِّي؟»

**«Мен Роббимдин рисалатын жеткиришим үчүн, ким мени колдойт?».**

Ооба, максат Аллах Таала тапшырган билдирүүнү жеткирүү жана бул иште бекем туруу болчу. Пайгамбарыбыз ﷺ бардык

кыйынчылыктарга жана азаптарга карабастан, ушул милдетке бекем туруп ишенич менен умтулган. Акыры, Аллах Таала ага ансарлар жамаатын даярдап берди. Алар ага ыйман келтиришти, аны колдоп, анын дааватын колдоп чыгууну кабыл алышты. Бул алардын арасында болгон Экинчи Акаба Байъаты менен бекемделди. Анда Пайгамбарыбыз ﷺ алардын колдоосуна жана жардам берүүгө даяр экенине толук ишенди.

Ошондон кийин Пайгамбарыбыз ﷺ аларга кошулду, анткени Курайштар Меккеде ага бардык жолдорду тоскон эле. Бирок бул хижрат динди сактап калуу үчүн эмес болчу жана дааватты токтотуу да эмес эле. Тескерисинче, бул Исламды колдонуу жана анын өкүмдөрүн турмушка ашыруу үчүн бийликке келгендерге кошулуу жана дүйнөгө Исламды алып чыгуу үчүн жихад жана даават иштерине өтүү болчу.

Пайгамбарыбыз ﷺ аларга хижрат кылып барганда, ансарлар аны кылычтарын алып тосуп алышты. Кафирлерден да, Мадинада жашаган яхудийлерден да болгон ар кандай коркунучтарга даяр турушту. Ошентип, Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага кирген күнү эле бийликти өз колуна алган жана ансарлар баш ийген эл катары аны кабыл алышкан.

Ал ﷺ алар менен Мадина келишимин түзгөн. Бул келишимдин бардык шарттарын Пайгамбарыбыз ﷺ өзү аныктап жазган жана анда Ислам акыйдасынан тышкары эч нерсе камтылган эмес эле. Келишимде бардык иштер Аллах жана Анын Элчисине ﷺ кайтарылышы керектиги белгиленген. Мадинанын коопсуздугу жана коргоосу ошол Пайгамбарыбыз ﷺды Мадинага алып келген жана ага бийликти тапшырган адамдардын колуна берилген. Ошентип, Мадина Дарул Ислам болуп калды, Мухаммад Үммөтү үчүн алгачкы Дарул Ислам болуп түзүлдү.

Пайгамбарыбыз ﷺ Аллахтын жолунда түз багытта туруп, вакыйлыкты ушинтип өзгөрттү жана аны Дарул куфрдан Дарул Исламга айлантты. Бул жолдо ал ﷺ Аллахтын буйруктарына бир кылдай да каршы келген жок. Анын бардык аракеттери адамдык аракеттер болчу. Албетте, Аллах Таала кааласа, Пайгамбарыбызга ﷺ кереметтер менен же периштелердин армиясы аркылуу жеңишти дароо бермек же адамдардын жүрөктөрүн дароо бириктирмек, бирок Аллах Таала аны дааваттын азап-кайгыларын көтөрүп, талыкпай аракеттенүүгө буйруду. Бул болсо Пайгамбарыбыздын ﷺ жасаган адамдык аракеттери Дарул куфрдан Дарул Исламга өтүүнүн шариаттык тарикаты экенин жана ушул тарикат Пайгамбардан кийин Үммөт үчүн да зарыл экенин көрсөтөт, өзгөчө бүгүнкү күндө дүйнөдө бир да Дарул Ислам болбогон учурда.

Дарул куфрдан Дарул Исламга өтүү бул адамдардын каалоосуна же көзөмөлсүз ижтихаддарга баш ийген долбоор эмес, тескерисинче, бул Аллах Таала жана Анын Элчиси ﷺ белгилеп берген шариаттык иш жана анын өзүнүн так белгиленген манхажы (методу) бар.

Бул манхаж төмөнкүлөргө негизделет:

1. Халифалыкты орнотуу — фарз амал.

Халифалыкты орнотуу — Үммөт үчүн фарз кифая. Эгер бир бөлүк Үммөт аны орнотсо, калгандардан милдет түшөт. Эгерде Халифалык орнотулбаса, анда бүткүл Үммөт күнөөкөр болот.

Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ، مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً».

**“Кимде-ким моюнунда байъат болбостон өлсө, жахилият өлүмү менен өлөт”.** (Муслим риваяты).

2. Пайгамбарыбыздын ﷺ тарикатын ээрчүү.

Ислам мамлекетин орнотуу үчүн шариаттык метод — Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинада мамлекет орноткондой тарикатты колдонуу. Бул Меккедеги ишмердүүлүктүн үч баскычы аркылуу жүргөн:

Биринчи баскыч — сакафат берүү жана топ түзүү: Ислам акыйдасын адамдар арасында таратуу, фикратты түшүндүргөн жана Үммөттү ага чакырган бир күчтүү топту түзүү.

Экинчи баскыч — коом менен өз ара аракеттенүү, акыйда-мабдаий жана саясий күрөш жүргүзүү. Батыл ойлорго жана бузгунчу системаларга каршы күрөшүү, аларды жок кылуу, туура багытты көрсөтүү.

Үчүнчү баскыч — бийликти алуу жана мамлекет орнотуу: Исламды бийлик аркылуу турмушка ашыруу жана мамлекет аркылуу Ислам өкүмдөрүн ишке киргизүү.

3. Шариатка каршы болгон ыкмаларды четке кагуу.

Ислам дааватын көтөргөн топко зомбулук колдонууга же Исламга каршы келген жолдорго барууга тыюу салынат, анткени пайгамбарыбыз ﷺ Мекке доорунда Мадинадан байъат алынганга чейин материалдык күчтү колдонууга тыюу салган болчу.

**Төртүнчүдөн: Дарул Исламга өтүү үчүн колдонулган амалий манхаж**

Бул шаръий тарикатты ишке ашыруу үчүн амалий баскычтарды так аткаруу керек:

Биринчи баскыч: топ түзүү, сакафаттандыруу жана аң-сезимди ойготуу.

Исламды ой-жүгүртүү жана саясий жактан түшүнгөн, аң-сезимдүү мусулмандардын бекем базасын куруу зарыл. Бул үчүн шариат уруксат берген бардык ыкмаларды жана каражаттарды колдонуу керек: сабактар, лекциялар, семинарлар, конференциялар, китептер, баракчалар, маалымат каражаттары, социалдык тармактар ж.б.

Бирок шариат тыйган каражаттарды колдонууга эч качан жол берилбейт. Батыштын ар кандай бузгунчу принциптерин Исламды ишке ашыруунун каражаты катары кабыл алуу Аллахтын буйругуна каршы чыгуу болуп эсептелет. Ал эми Аллахтын ыраазычылыгын Анын буйругуна каршы аракеттер менен табуу мүмкүн эмес.

Аллах Таала мындай деген:

﴿فَلْيَحْذَرِ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَن تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

***“Анын буйругуна каршы чыккандар, өздөрүнө фитна же оор азап келүүсүнөн корксун!”*** (Нур: 63).

Экинчи баскыч: Үммөт менен өз ара аракеттенүү.

Исламды жайылтуу, пикирий жана саясий күрөш аркылуу Үммөт менен түз байланышта болуп, фикратты элге жеткирүү керек.

Бул этап төмөнкү иштерди камтыйт:

Өкүмдар режимдердин бузулгандыгын ашкерелөө. Демократия, капитализм сыяктуу кафир пикирлерге каршы туруу. Үммөттүн чыныгы кызыкчылыктарын жактоо, алардын эң негизгиси — Исламды колдонуу жана мусулмандардын оккупацияланган жерлерин бошотуу (мисалы, Палестина маселеси).

Ошол эле учурда нусрат суроо керек, Пайгамбарыбыз ﷺ күч-кубат ээлеринен жардам сураганы сыяктуу. Бүгүнкү күндө мындай жардам сурала турган тараптарга аскер күчтөрү, таасирдүү уруулар жана элита саясий күчтөрү кирет.

Үчүнчү баскыч: мамлекетти орнотуу.

Аллах Таала Үммөткө Пайгамбарыбыз ﷺ доорундагы ансарлардай жардамчыларды даярдап бергенде, алар чакырууну эч кандай шартсыз жана тоскоолдуксуз колдосо, анда Халифалык түзүлүп, Исламдын өкүмдөрү дароо жана толук ишке киргизилиши керек. Андан кийин мамлекет өз күчүн жана душмандарына каршы турушун көрсөтө турган иштерди жүзөгө ашырууга өтүшү керек. Мунун ичинен эң биринчи жана эң маанилүү иш — Мубарак жерди (Палестинаны) азат кылуу. Анткени, бул Үммөттүн ыйык жерлерине жана басып алынган аймактарына болгон фарзы болуп эсептелет.

Ошондой эле бул иш: жаңы мамлекет Үммөткө анын көйгөйлөрүн чындап көтөрүп жатканын көрсөтөт, элди жаңы мамлекетке ишеним

артып, ага кошулууга жана Райатул Укааб — «Ла илаха иллаллах Мухаммадур Расулуллах» туусу астында биригүүгө түрткү берет.

**Бешинчиден: Үммөттүн жана жигиттердин бул максатты ишке ашыруудагы ролу**

Вакыйлыкты өзгөртүү милдети ар бир мусулманга жүктөлгөн. Бирок бул улуу долбоордо жигиттердин өзгөчө ролу бар. Жигиттер — Үммөттүн тиреги. Алар эң көп шыктангандар жана курмандыкка барууга, аракет кылууга эң жөндөмдүү катмар. Ошондуктан алар Халифалыкты орнотуу жолунда алдыңкы катарда болушу керек.

Жигиттер төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү: Ислам мамлекетин орнотуу менен байланышкан саясий жана шаръий маселелерди терең түшүнүшү керек. Үммөт менен сүйлөшүүдө ой жүгүртүү менен шариатты айкалыштырган тилди колдонууга жөндөмдүү болушу зарыл. Үммөттүн ишенимине жетип, аларды бул максат үчүн бирге иштөөгө чакырышы лазым. Өз күнүмдүк жашоосунда Исламды толук карманган үлгү болууга тийиш, ошондо алар чыныгы дааватчы болушат.

Дарул Исламды, башкача айтканда, Ислам өкүмдөрү колдонулган мамлекетти орнотуу бул жетүүгө кыйын болгон кыял эмес. Бул — Аллахтын убадасы жана Пайгамбарыбыздын ﷺ сүйүнчү кабары.

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа - орун басар кылууну убада кылды”.*** (Нур: 55),

Пайгамбарыбыз ﷺ болсо мындай деген:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**“Андан кийин Пайгамбарлык минхажындагы Халифалык орнойт.”** (Ахмад риваяты).

Ошондуктан баарыбыз бул максат үчүн жан үрөп, ыхлас менен иштөөгө, Пайгамбарыбыз ﷺдын тарикатын эч бурмалабай жана өзгөртпөй, алдыбызга максат кылууга тийишпиз.

Мен өзүмө жана силерге ушуларды осуят кылам:

1. Исламды акыйда жана өкүмдөр түрүндө бекем кармануу.
2. Халифалыкты орнотуу үчүн уюшкан, биргелешкен ишмердүүлүктү тынымсыз улантуу жана кандай гана кыйынчылык болбосун сабыр кылып туруу.

3. Адамдарга акылмандык жана жакшы насыйкат аркылуу даават кылуу.

4. Аллах Таалага толук таянып, Анын убадасына жана жеңишине толук ишенүү.

Биз Аллах Таалага дуа кылабыз, бизге Халифалыкты орнотууну насип кылсын, Үммөттү кайрадан азаттыгына жана урматына жеткирсин, бул улуу максатты ишке ашырууда бизди ыхлас менен аракет кылган кызматчыларынан кылсын.

﴿وَالَّذِينَ آمَنُواْ وَهَاجَرُواْ وَجَاهَدُواْ فِي سَبِيلِ اللهِ وَالَّذِينَ آوَواْ وَّنَصَرُواْ أُولَئِكَ هُمُ الْمُؤْمِنُونَ حَقّاً لَّهُم مَّغْفِرَةٌ وَرِزْقٌ كَرِيمٌ﴾

***“Ыйман келтирген, хижрат кылган жана Аллах жолунда күрөшкөн жана үй-жай берип, жардам кылган заттар – дал ошолор чыныгы момундар болуп, алар үчүн кечирим жана улуу ырыскы бар.”*** (Анфал: 74). ❑

# МЕДИА ЖАНА АНЫН АДАМЗАТ КООМУНДАГЫ ОРДУ

**Саллафа Шуман – Палестина**

Аллах Таала айтты:

﴿وَأَذِّنْ فِي النَّاسِ بِالْحَجِّ يَأْتُوكَ رِجَالًا وَعَلَىٰ كُلِّ ضَامِرٍ يَأْتِينَ مِنْ كُلِّ فَجٍّ عَمِيقٍ﴾

***«Жана адамдар арасында** (жүрүп, аларды) **ажыга чакыргын, алар сага** (сенин чакырыгыңа жооп ирээтинде) **жөө-жалаңдап абалдарында жана узак жолдордон арып, алдан тайган төөлөр үстүндө келишет».*** (Хаж: 27).

Ошондой эле Аллах Таала айтты:

﴿فَلَمَّا جَهَّزَهُم بِجَهَازِهِمْ جَعَلَ السِّقَايَةَ فِي رَحْلِ أَخِيهِ ثُمَّ أَذَّنَ مُؤَذِّنٌ أَيَّتُهَا الْعِيرُ إِنَّكُمْ لَسَارِقُونَ﴾

***«Анан алардын керектүү жабдыктарын камдаган соң, инисинин жүгүнүн арасына** (билдирбестен) **бир идишти салып койду. Кийин болсо болсо жарчы: «Эй, кербенчилер, силер уурусуңар», деп жар салды».*** (Юсуф: 70).

Дагы Аллах Таала айтты:

﴿وَاسْأَلِ الْقَرْيَةَ الَّتِي كُنَّا فِيهَا وَالْعِيرَ الَّتِي أَقْبَلْنَا فِيهَا ۖ وَإِنَّا لَصَادِقُونَ﴾

***«Биз болуп кайткан шаардан жана биз бирге барган кербенден сурап-сүрүштүргүн. Албетте биз чындыкты айтуучубуз».*** (Юсуф: 82).

Аллах Таала мындай деди:

﴿وَتَفَقَّدَ الطَّيْرَ فَقَالَ مَا لِيَ لَا أَرَى الْهُدْهُدَ أَمْ كَانَ مِنَ الْغَائِبِينَ () لَأُعَذِّبَنَّهُ عَذَابًا شَدِيدًا أَوْ لَأَذْبَحَنَّهُ أَوْ لَيَأْتِيَنِّي بِسُلْطَانٍ مُّبِينٍ () فَمَكَثَ غَيْرَ بَعِيدٍ فَقَالَ أَحَطتُ بِمَا لَمْ تُحِطْ بِهِ وَجِئْتُكَ مِن سَبَإٍ بِنَبَإٍ يَقِينٍ﴾

***«Ал куштарды көздөн өткөрүп** (алардын арасында сасык үпүп көрүнбөгөн соң)**: «Неге мен сасык үпүптү көрбөй жатам, балким ал** (менден уруксатсыз) **кайып болуучулардanbы?! Албетте аны катуу азап менен азаптаймын, же союп жиберемин, же болбосо ал мага** (өз себебин баян кылып) **ачык далил келтирээр», - деди. Анан көп узабай** (сасык үпүп келип) **айтты: «Мен сен кабардар болбогон нерседен кабардар болдум жана сага Саба** (шаары)**нан анык бир кабар алып келдим».*** (Намл: 20–22).

Бул ыйык аяттар маалымат жеткирүү (б.а. маалымат таратуу) жаңыдан пайда болгон түшүнүк эмес экенин, тескерисинче, адамзат жаралгандан бери бар экенин көрсөтөт. Маалымат каражаттарынын милдети маалыматты жеткирүү болуп саналат. Ошондой эле ой-пикирлерди жана мабданы алып жүргөндөр үчүн ошол ой-пикирлерди

жана мабданы адамдардын аң-сезимине сиңирип, андан соң аларды жүрүм-турумга айлантуу максатында колдонулат.

Демек, маалымат каражаттары деген эмне? Анын адамзат коомдоруна жана жалпы элдерге, өзгөчө Ислам Үммөтүнө тийгизген таасири кандай? Ошондой эле, капитализмдин азабынан адамзатты куткара турган түпкү өзгөрүүнү ишке ашырууну өзүнө милдет кылган даават алып жүрүүчүлөр – биз үчүн маалымат каражаттарынын ролу кандай?

Маалымат каражаттары араб тилиндеги “أعلَمَ” (аълама) деген сөздөн келип чыккан. Анын мааниси – кабар берүү жана таратуу. Демек, маалымат каражаттары кабар берүү, маалыматтарды жана фактыларды чогултуп, иргеп, анан таратуу болуп саналат. Ошондой эле бул термин даават, башкача айтканда, чакыруу жана сүйүнчүлөө маанисинде да колдонулат. Ал элге туура кабарларды, так маалыматтарды жана бекем фактыларды жеткирүү аркылуу кандайдыр бир окуя же көйгөй боюнча туура коомдук пикирди калыптандырууну түшүндүрөт. Бул коомдук акыл-ойдун, элдин багыттарынын жана тенденцияларынын жыйынтыгы болот.

Маалымат каражаттарынын негизги максаты – чындыкты билбегендерге билим берүү. Эгер маалымат туура эмес берилсе же бурмаланса, анда бул адаштырууга айланат. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَإِذَا جَاءَهُمْ أَمْرٌ مِّنَ الْأَمْنِ أَوِ الْخَوْفِ أَذَاعُوا بِهِ وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَىٰ أُولِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ لَعَلِمَهُ الَّذِينَ يَسْتَنبِطُونَهُ مِنْهُمْ ۗ وَلَوْلَا فَضْلُ اللَّهِ عَلَيْكُمْ وَرَحْمَتُهُ لَاتَّبَعْتُمُ الشَّيْطَانَ إِلَّا قَلِيلًا﴾

***«Качан аларга тынчтык же коркунуч кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер*** *(алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен)* ***пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан башчыларга жеткиришкенде, аны*** *(ушул кабардын акыйкатын)* ***билмекчи болгон кишилер ошолордон билишкен болоор эле. Эгер силерге Аллахтын кеңдик, жоомарттыгы болбогондо, айрым адамдардан тышкары баарыңар шайтанды ээрчип кетээр элеңер».*** (Ниса: 83).

Бул аят маалымат каражаттарынын маанилүү аспектиси тууралуу кабар берет, кабар жана маалыматты жайылтуу, аны тактап таратуу аркылуу туура коомдук пикирди жаратуу керектигин түшүндүрөт.

Ошондой эле Аллах Таала мындай деген:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن جَاءَكُمْ فَاسِقٌ بِنَبَإٍ فَتَبَيَّنُوا أَنْ تُصِيبُوا قَوْمًا بِجَهَالَةٍ فَتُصْبِحُوا عَلَىٰ مَا فَعَلْتُمْ نَادِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, эгер силерге бир фасык бирээр кабар алып келсе, силер*** *(чыныгы акыбалды)* ***билбей туруп айрым бир коомго кайгы***

***жеткирип коюп, анан кылган ишиңерге өкүнүп калбашыңар үчүн** (ал фасык алып келген кабарды) **аныктап-текшерип көргүлө!».*** (Хужурат: 6).

Бул аят да маалымат каражаттары тууралуу болуп, кабар жана маалыматты жеткирүү жана маалыматтын тактыгын текшерүү керек экенин баса белгилейт. Бул туура көз караштарга жана мабдага каршы келбеген пикирлерди калыптандырууну талап кылат.

Маалымат каражаттары адамзат жаралгандан бери эле болуп келген жана ал коомдук пикирге таасир кылууда, адамдардын маданиятына, натыйжада алардын багыттарына жана тенденцияларына таасир кылууда чоң мааниге ээ. Болгону анын колдонулган каражаттары өзгөрүп турган.

Жахилия доорунда маалымат каражаты катары поэзия жана сүйлөө өнөрү колдонулган, алар да чакыруу жана маалымат таратуу ыкмаларынын бири болгон. Бул каражаттар аркылуу Пайгамбарыбыз ﷺ чакырган Ислам дааватына каршы тоскоолдук кылуу аракеттери көрүлгөн. Айрым акындар Пайгамбарыбызды ﷺ мазактоо жана каралоо милдетин өз мойнуна алышкан. Алардын катарында Хубайра ал-Махзуми, Асид ибн Анас, Каъб ибн Абу Салма жана Харис ибн ал-Мугира болгон. Бул акындар жалган поэзия жана бурмаланган үгүт иштери аркылуу элди Пайгамбарыбыздан ﷺ алыстатууга аракет кылышкан. Алар Меккеде жашаган, кызмат кылган же жолоочу болуп келген адамдардын эч бирин калтырбай, бардыгына Пайгамбарыбыздан ﷺ сак болууну эскертишкен.

Туфайл ибн Амр ад-Дуси Меккеге келгенде Курайштын жетекчилери аны менен жолугуп, Пайгамбарыбыз ﷺ тууралуу аны эскертип, аны менен жолуктурбоого жана анын сөзүн уктурбоого катуу аракет кылышкан. Туфайл мындай дейт: «Аллахка ант болсун, алар мага ушунчалык кысым кылышты, натыйжада мен Пайгамбарыбыздын ﷺ сөзүн укпайм жана аны менен сүйлөшпөйм деп катуу чечим кылдым. Ошондо мечитке барарда кулагыма пахта тыгып алдым, анын сөзү угулуп калбасын деп корктум, анткени уккум келген жок эле».

Баарыбызга белгилүү болгон Абу Лахабдын позициясы да ушундай болгон, ал Пайгамбарыбыздын ﷺ дааватына каршы тоскоолдук кылууну өзүнө негизги иш кылып алган. Ал Пайгамбарыбызды ﷺ ар кайсы уруулар арасында ээрчип жүрүп, ага каршы тукуруп турган. Натыйжада Абу Лахабга каршы бүтүндөй бир сүрө — «Абу Лахабдын колдору курсун» сүрөсү түшүрүлгөн.

Аллах Таала Куранда мындай деген:

﴿وَمِنَ النَّاسِ مَن يَشْتَرِي لَهْوَ الْحَدِيثِ لِيُضِلَّ عَن سَبِيلِ اللَّهِ بِغَيْرِ عِلْمٍ وَيَتَّخِذَهَا هُزُوًا ۚ أُولَٰئِكَ لَهُمْ عَذَابٌ مُّهِينٌ (6) وَإِذَا تُتْلَىٰ عَلَيْهِ آيَاتُنَا وَلَّىٰ مُسْتَكْبِرًا كَأَن لَّمْ يَسْمَعْهَا كَأَنَّ فِي أُذُنَيْهِ وَقْرًا ۖ فَبَشِّرْهُ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾

***«Адамдардын арасында ушундай кимселер да бар, алар билимсиздиктик менен** *(өзгөлөрдү)* **Аллахтын жолунан адаштыруу үчүн жана ал** *(жолду)* **маскара кылуу үчүн сандырак сөз***(дөр)***дү сатып алышат. Дал ошолор үчүн кор кылуучу азап бар. Ага Биздин аяттарыбыз окулган убакта аларды укпагансып, кулагында оорлук – дүлөйлүк бар сымал, текебердик менен жүз буруп кетет. Демек, ага жан чыдагыс азап жөнүндө «куш кабар» берип койгун!».*** (Лукман: 6–7).

Бул аяттар Надр ибн ал-Хариске карата түшкөн. Ал көңүл ачып берүүчү ырчы аялдарды сатып алып, Исламга киргиси келгендерди ошолорго алып барып: «Муну жеп ич, шарап ич жана ыр ук, бул Мухаммад сени чакырып жаткан нерседен жакшыраак!» – деп азгырган.

Ал эми Пайгамбарыбыз ﷺ ошол учурда өзү үчүн жеткиликтүү болгон маалымат каражаттарын колдонуу менен бул тоскоолдуктарга каршы турду. Ал Сафа дөбөсүнө чыгып элди чакырды, адамдар топтолгон жерлерде Куранды ачык окуду, адамдардын үйлөрүнө барып даават кылды жана ажылык мезгилинде келген зыяратчыларды чакырды. Ошондой эле жамаий даават аркылуу да Исламды жайылткан. Мисалы, Пайгамбарыбыз ﷺ сахабаларына Дарул Аркамдан эки сап болуп чыгып, Курайштын көз алдында Исламды көрсөтүп чыгууга буйрук берген.

Бүгүнкү күндө болсо, илим менен технологиянын өнүгүшү менен маалымат каражаттары да өнүгүп, угулчу, көрүлчү жана окулчу түрлөргө бөлүндү. Азыркы учурда маалымат каражаттары, өзүнүн көп түрдүүлүгү, мамлекеттердин, башкаруучулардын жана саясатчылардын коомдук пикирге таасир кылуу жана өз маданияты менен саясатын таңуулоо үчүн колдонулган эң негизги куралдарынын бири болуп калды. Ошондой эле бул каражаттар саясий идеологиялык партиялар, өзгөчө элди жана коомду башкарууну максат кылган партиялар үчүн да маанилүү курал болуп саналат.

Мына ушундай жол менен дүйнөдөгү мамлекеттер, айрыкча колонизатор державалар (мисалы, Америка) маалымат каражаттарын өз кызыкчылыктарына кызмат кылдыруу жана идеологиялык күрөшүндө пайдаланып келишет. Табигый түрдө, алар Исламды жана мусулмандарды бөлүп-жаруу үчүн да маалымат каражаттарын курал кылышкан.

Бул нерсени эки негизги багыттан байкоого болот:

Биринчи багыты, өздөрүнүн элдерине карата. Алар маалымат каражаттары аркылуу бурмалоо жана жалган маалымат таратуу жолу менен өздөрүнүн элдерине Исламга карата жек көрүү сезимин жана Исламды бурмаланган түшүнүк менен кабыл алууну сиңиришкен. Бул абал узак убакыт бою уланып келген. Бул болсо табигый көрүнүш, анткени маалымат каражаттары ар дайым мамлекеттин бийлик системасына көз каранды жана анын саясатына ылайык иш жүргүзөт. Капиталисттик мамлекеттерде маалымат каражаттары сөзсүз түрдө мамлекеттин кызыкчылыктарына ылайык багытталат, айрыкча алардын Ислам жана мусулмандар менен болгон түздөн-түз күрөшүндө.

Башка жагынан караганда, бүгүнкү күндө дүйнөгө үстөмдүк кылган мамлекет — Америка маалыматты монополия кылып алган. Ал дүйнөлүк маалымат каражаттарынын 90%ын көзөмөлдөйт. Бүткүл дүйнөдөгү жаңылыктардын 90%ы болгону беш гана маалымат агенттигинен чыгат жана алардын баары америкалык агенттиктер. Натыйжада, жаңылыктарды Америка өз ички жана тышкы кызыкчылыктарына ылайык түзөт жана таратат.

Ошондуктан, бүгүнкү күндөгү маалымат каражаттары бурмалоого, жалган маалымат таратууга, кабарды жашырууга жана ачык-айкын эместикке негизделген деп айта алабыз. Бул – Батыштын капиталисттик кызыкчылыктарына кызмат кылган системалуу иш.

Бул багытта америкалык мурунку президент Никсондун улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси болгон Бжезинский Перс булуңундагы биринчи согуштун алдында мындай деген: «Мен гезиттерде жана телекөрсөтүүлөрдө жарыяланган саясий жаңылыктардын болгону 20%ына гана ишенем. Ал эми калган 80%ы жалган жана бурмаланган маалымат».

Бир гана ушул мисал жетиштүү, алар маалыматты бурмалоо жолу менен өз элдеринин көз алдында Исламдын образын бузуп гана тим болбостон, андан да ашыра, өз элдеринин колдоосун алып, Афганистанга жана Иракка каршы согуш жарыялоого жетишкен. Ошондой эле алар өз элдеринин яхудий вужудунун Палестинадагы абалына карата тилектештик сезимин ойготушкан жана арабдар менен мусулмандарды зомбулукчу жана террорчу кылып көрсөтүшкөн.

Бул бурмаланган көрүнүш көп убакытка чейин уланып келди. Бирок, Аллах алардын кутумун өздөрүнө кайтарып койду, “Акса ташкыны” жарылып чыкканда жалпыга ачык социалдык тармактар аркылуу чыныгы вакыйлык элге жетти жана бурмаланган туман тарады. «Акса ташкыны» Батышта көптөгөн адамдардын Ислам динине кирүүсүнө чоң себепчи болду. Ошондой эле, Батыш

өлкөлөрүндө Газа жана Палестинаны колдогон коомдук пикирдин пайда болушуна өбөлгө түздү. Муну Батыш элдеринин, өзгөчө Америка университеттеринде болгон өкмөттөрүнө каршы уюштурулган нааразылык акциялары жана жөө жүрүштөр ачык далилдеп турат.

Эми экинчи жагына токтолсок, ал Ислам Үммөтүнө жана Ислам өлкөлөрүндөгү элдерге тиешелүү. Бул – маалымат каражаттарынын темасында өзгөчө маанилүү жагы. Себеби ар бир өлкөдөгү маалымат каражаттары ошол өлкөнүн башкаруу системасына көз каранды жана ошол системанын багытында иш алып барат. Баарыбызга белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө мусулман өлкөлөрүнүн бардык башкаруучулары Батыш колонизаторлорунун агенттери болуп эсептелет же болбосо алардын орбитасында айланып жүрүшөт. Батыш аларды өзүнүн пландарын ишке ашыруу үчүн алып келип койгон. Батыш өзүнүн Ислам жана мусулмандар менен болгон идеологиялар ортосундагы күрөшүн башкаруу үчүн маалымат каражаттарын эң ылайыктуу курал катары тапкан. Анткени маалымат каражаттарынын элдердин жана улуттардын маданиятына таасир кылууда чоң ролу бар. Айрыкча, көрсөтүүчү, угузуучу жана окулуучу Батыш маалымат каражаттары мусулмандардын ар бир үйүндө бар, алардын күнүмдүк жашоосунун бардык тармактарына кирип кеткен. Айрыкча интернет жана социалдык тармактар аркылуу бул басым мурдагыдан да күчөп кеткен. Батыштын маалымат каражаттары Исламды каралоо жана анын жолунан адаштыруу багытында тынымсыз иштеп жаткандыгы акыл-эстүү адамга жашыруун эмес. Алар ушундай бир айлакер жана ыплас ыкмаларды колдонуп жатышат, а түгүл шайтан өзү мындай ыкмаларга жетише албайт.

Алардын максаты:

- Адамдарды Аллахтын жолунан адаштыруу,
- Исламды каралоо,
- Ислам акыйдасына каршы келген түшүнүктөрдү жайылтуу,
- Шарият өкүмдөрүнө каршы чабуулдарды күчөтүү.

Мындан тышкары, алар адепсиздикти, эркек менен аялдын аралашуусун, ыплас иштерди жана азгыруучу көңүл ачууларды жайылтууну максат кылышат. Мунун баарын “искусство” жана “көңүл ачуучу программалар” деген ат менен жасашат. Чындыгында болсо, бул программалар акмакчылыкты жайылтуучу, коомдо бузукулукту таратуучу программалар болуп саналат. Бул маселени ого бетер курчутуп кылган жагдай — бул программаларды элдин чоң бөлүгү көрүп, кабыл алып жатканы.

Экинчи жагынан, алар чындыкты көмүскөдө калтырууга жана элден жашырууга аракет кылышат. Мунун эң көрүнүктүү мисалы чын ыкластуу Исламий партиялардын, айрыкча Хизб ут-Тахрирдин иштерин таптакыр эске албоо, жашыруу жана аларга каршы чабуул коюу болуп саналат. Мунун баарынын максаты – Үммөттү өзүнүн туура багытынан буруу жана өзүнүн тагдырий маселесинен, тактап айтканда, Халифалыкты кайра тикелөөдөн чалгытуу.

2005-жылы 14-февралда "Шаркуль Аусат" (Middle East) гезити "Нью-Йорк Таймс" тарабынан даярдалган бир отчетту жарыялаган. Бул отчетто ошол учурдагы АКШ администрациясынын жаңы маалыматтык стратегиясы тууралуу айтылган. Бул стратегиянын негизги максаты – жалган маалыматтарды жайылтуу аркылуу арабдар менен мусулмандарды адаштыруу болгон. Мисалы:

- Жасалма окуяларды таратуу,
- Жалган документтерди ойлоп табуу,
- Интернетте араб тилинде сайттарды ачуу.

Мунун баары мечиттердин жана диний мектептердин Исламий насааттарын басаңдатуу жана америкалык баалуулуктарга каршы дин үгүттөрүнүн таасирин жок кылуу үчүн жасалган. Мындан тышкары, алар маалымат каражаттары аркылуу мусулмандардын арасында:

- Жеңилүүнүн рухун жайылтууну,
- Шыксыздыкты жана үмүтсүздүктү таратууну,
- Ислам негизинде аракеттенүүгө болгон умтулууну токтотууну көздөшөт.

Алар Батышты, айрыкча Американы женүү мүмкүн эмес күч катары көрсөтүшөт. Натыйжада, арабдардын жана мусулмандардын аң-сезиминде "Америкага каршы туруу мүмкүн эмес" деген түшүнүк тамыр жайган. Мурунку Америка президенти Жорж Буш өзү бул күрөштү "христиандык диндик согуш" (кресттүүлүк согушу) деп атаган. Булардын баары мусулмандардын рухун сындыруу, алардын ички моралдык жактан жеңилишине жетүү жана аларды үмүтсүздүккө түртүү үчүн жасалган.

Бирок Аллах Таала мындай деген:

﴿وَقَدْ مَكَرُوا مَكْرَهُمْ وَعِندَ اللَّهِ مَكْرُهُمْ وَإِن كَانَ مَكْرُهُمْ لِتَزُولَ مِنْهُ الْجِبَالُ﴾

***«Чынында, алар өздөрүнүн айлакерликтерин кылышты.** (Бирок)* ***эгер алардын айла-амалы себептүү тоолор жемирилип кете турган болсо да, алардын** (бул)* ***айлакерликтери Аллахтын алдында*** *(маалым)**»***. (Ибрахим: 46).

Ошентип, кафир Батыш дүйнөсүнүн дүйнөгө үстөмдүгү түбөлүккө созулбайт. Кандай узак болбосун, Аллахтын мыйзамы мындай:

акыйкат жеңет, ал эми батыл жок болот. Бул – Пайгамбарыбыз ﷺ берген сүйүнчү:

ثم تكون الخلافة على منهاج النبوة

**«Андан соң Пайгамбарлык минхажындагы Халифалык орнойт».**

Аллахтын уруксаты менен, бул улуу замандын келиши жакындап калды. Ошондуктан биз сөзсүз түрдө экинчи жолу тикелене турган Пайгамбарлык жолундагы Халифалык мамлекетиндеги маалымат каражаттары тууралуу сөз кылышыбыз керек.

Хизб ут-Тахрир тарабынан даярдалган Халифалык мамлекети үчүн Конституция долбоорунун 103-беренесинде мындай деп айтылат: «Маалымат каражаттары боюнча орган — бул Исламдын жана мусулмандардын кызыкчылыгына кызмат кылган мамлекеттин маалымат саясатын аныктап, ишке ашыруучу бөлүм. Ички деңгээлде күчтүү жана бекем Ислам коомун куруу үчүн иш алып барат, анткени бул коом өз ичиндеги жамандыктарды четтетип, тазалыгын сактайт. Тышкы деңгээлде тынчтыктын жана согуштун шартында Исламды көрсөтүп, Исламдын улуулугун, адилеттүүлүгүн жана аскеринин күчүн даңазалайт, адам тарабынан чыгарылган системалардын бузгунчулугун, адилетсиздигин жана армияларынын алсыздыгын ачык көрсөтөт».

Ал эми 104-беренеде мындай деп айтылган: «Мамлекеттин жарандыгын алып жүргөн адамдар тарабынан негизделген маалымат каражаттары үчүн эч кандай лицензия талап кылынбайт. Болгону Медиа башкармалыгына “билдирүү жана маалымат” жөнөтүү жетиштүү болот. Маалымат каражатын негиздеген жана анын редакторлору жарыялаган ар бир маалымат материалы үчүн жооптуу болуп, Шариятка каршы келген ар кандай бузууга жеке жооп беришет, башкалар сыяктуу эле жоопко тартылышат».

Ошентип, Халифалык мамлекетинде расмий маалымат каражаттары бул жөн гана элдин муктаждыгына ылайык иштеген мекеме эмес. Ал түздөн-түз Халифанын өзү менен байланышкан өз алдынча орган болуп саналат. Бул башка мамлекеттик түзүмдөр сыяктуу эле өз алдынча түзүм болот. Халифалык мамлекетинин маалымат саясаты Ислам акыйдасына негизделет, ошондуктан ал толугу менен Ислам принциптерине кызмат кылат. Маалымат каражаттары Ислам дааватын алып жүрүүдө жана аны дүйнөгө таратууда күчтүү курал жана таасирдүү ыкма болот. Маалымат каражаттарында айтылган жана жарыяланган бардык нерселерде шарият өкүмдөрү сакталган болот. Аллах Таала айтты:

﴿وَإِذَا جَاءَهُمْ أَمْرٌ مِّنَ الْأَمْنِ أَوِ الْخَوْفِ أَذَاعُوا بِهِ ۖ وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَىٰ أُولِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ لَعَلِمَهُ الَّذِينَ يَسْتَنبِطُونَهُ مِنْهُمْ ۗ وَلَوْلَا فَضْلُ اللَّهِ عَلَيْكُمْ وَرَحْمَتُهُ لَاتَّبَعْتُمُ الشَّيْطَانَ إِلَّا قَلِيلًا﴾

***«Качан аларга тынчтык же коркунуч кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер*** *(алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен)* ***пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан башчыларга жеткиришкенде, аны*** *(ушул кабардын акыйкатын)* ***билмекчи болгон кишилер ошолордон билишкен болоор эле. Эгер силерге Аллахтын кеңдик, жоомарттыгы болбогондо, айрым адамдардан тышкары баарыңар шайтанды ээрчип кетээр элеңер».*** (Ниса: 83).

Ошондой эле Аллах Таала айтты:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن جَاءَكُمْ فَاسِقٌ بِنَبَإٍ فَتَبَيَّنُوا أَنْ تُصِيبُوا قَوْمًا بِجَهَالَةٍ فَتُصْبِحُوا عَلَىٰ مَا فَعَلْتُمْ نَادِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, эгер силерге бир фасык бирээр кабар алып келсе, силер*** *(чыныгы акыбалды)* ***билбей туруп айрым бир коомго кайгы жеткирип коюп, анан кылган ишиңерге өкүнүп калбашыңар үчүн*** *(ал фасык алып келген кабарды)* ***аныктап-текшерип көргүлө!».*** (Хужурат: 6).

Ислам мамлекетиндеги маалымат каражаттары чындыкка, тазалыкка жана ачык-айкындуулукка негизделет. Ал адамдардын каталарын аңдыбайт жана аларды көзөмөлдөө үчүн колдонулбайт. Ал жалган айтпайт, бурмалоого, чындыкты жашырууга негизделбейт. Бул маалымат каражаттары Ислам акыйдасын чагылдырган каражат болуп саналат. Ал адамдарды шарият өкүмдөрү менен тарбиялоо аркылуу Исламий жашоо образына үндөйт, аларга асыл баалуулуктарды жана жакшы сапаттарды үйрөтөт. Ишке жарабаган адепсиздикти жайылтпайт, уятсыздыкты пропагандалабайт, ыплас иштерди жар салбайт жана коомго бузукулук таратууга жол бербейт. Ал Ислам мамлекетинде жашаган бардык адамдарды тең укуктуу жарандар катары карайт жана алардын баарына бирдей деңгээлде кайрылат. Ошондой эле бул маалымат каражаттары Исламды жалпы адамзатка жеткирүү, жакшы иштерге чакыруу жана жаман иштерден кайтаруу үчүн каражат болот. Анын байланышы түздөн-түз Ислам принциптери менен болот.

Маалымат каражаттары шарият өкүмдөрү менен чектелет:

- Алар үчүн лицензия талап кылынбайт;
- Бирок ар бир маалымат материалы үчүн жоопкерчилик жүктөлөт, айрыкча мамлекетке тийиштүү жаңылыктарда жоопкерчилик күчөтүлөт.

Халифалык мамлекетиндеги маалымат каражаттарынын миссиясы:

- Исламга жана мусулмандарга кызмат кылуу,

- Мусулмандардын улуулугун жана суверендүүлүгүн бекемдөө,
- Коомдун тазалыгын сактоо болуп саналат.

Ошондуктан убакытты бекер короткон “көңүл ачуучу жана оюн-зоок программаларына” орун берилбейт. Маалымат каражаттары ачык-айкындуулукка, чындыкка жана туура багытка жетүүгө негизделген болот.

Дагы бир маанилүү маселе калды, ал Хизб ут-Тахрирге байланыштуу. Батыштагы кафир күчтөр партиянын ишмердүүлүгүнүн коркунучун түшүнгөндөн кийин аны жоюу жана жок кылуу максатында ага каршы күрөшүүнү жана аны каралоону күчөтүштү. Алар Үммөттү өзүнүн тагдырий маселесинен чалгытуу жана Хизб ут-Тахрирдин ишин бурмалоо үчүн маалымат каражаттарын да аябай колдонушту. Ал эми Хизб ут-Тахрир болсо, Пайгамбарыбыз ﷺ Курайш кафирлеринин Ислам дааватына болгон тоскоолдуктарына бардык жеткиликтүү каражаттар менен каршы чыкканындай, өзүнө каршы жүргүзүлгөн бул согушка, айрыкча маалымат согушуна татыктуу жооп берип келет.

Партия маалымат каражаттары аркылуу коюлган курчоону жарып өтүү үчүн ушул аракеттерди көрдү: маалымат кеңселери жана расмий өкүлдөрү аркылуу үнүн жеткирди, интернеттеги расмий маалымат каражаттарын пайдаланды, мисалы, Хизб ут-Тахрирдин расмий радиосу, Ал-Вакиа каналы жана башка расмий веб-сайттар. Ошондой эле окулуучу маалымат каражаттарын колдонду, “Аль-Ваъй” журналы, “Аль-Рая” гезити сыяктуу. Мындан тышкары, Хизб ут-Тахрир саясий митингдерди, жөө жүрүштөрдү, саясий нааразылык акцияларын, жылдык конференцияларды уюштуруп келет. Ошондой эле дааваттын талабына жараша билдирүүлөрдү жана жарыяларды чыгарат.

Партия бул аракеттерде эч качан чарчабайт жана үмүтүн үзбөйт. Анын душмандары канча жолу от жагышпасын, Аллах Таала ал отторду өчүрөрүн жакшы билишет. Партиянын бул ишмердүүлүгүндөгү максаты – Аллахтын сөзүн бийик кылуу жана Анын ыраазылыгына жетүү. ❑

# БАТЫШ УЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДАН ҮММӨТҮБҮЗГӨ КЕЛҮҮЧҮ КООП-КОРКУНУЧ

**Инж. Халид Ас-Сарарий – Йемен**

Батыштын эл аралык уюмдары мусулмандар жашаган өлкөлөрдө абдан көп санда жана кеңири жайылган. Алар өз иштерин ар кандай себептер менен негиздешет. Алардын сырткы көрүнүшү ырайымдуулук жана гуманизм болгону менен, ички максаты – алдамчылык жана жамандык. Чындыгында бул уюмдар Батыш колонизаторлорунун маданиятын түз же кыйыр жолдор менен жайылтуучу дагы бир жүзү болуп саналат.

Учурда мусулмандар жашаган өлкөлөрдө иштеп жаткан эл аралык уюмдардын саны 4000ден ашат. Бул уюмдар ар кандай гуманитардык тармактарга: саламаттыкты сактоо, билим берүү, азык-түлүк, жашоо шарты, аялдар жана балдар маселелери, экология ж.б.у.с. эл үчүн маанилүү болгон турмуштук тармактарга көңүл буруп жаткандай болуп көрүнүшөт. Алар Батыш өлкөлөрү тарабынан өтө чоң көлөмдөгү каржылык колдоо алышат. Мисалы, 2025-жылга карата БУУнун бюджети 3.72 миллиард АКШ долларын түзөрү бекитилген.

Бирок ушундай ири бюджеттерге карабастан, бул уюмдардын ишинин коомдо оң таасирин дээрлик көрүүгө болбойт. Алар жүргүзгөн долбоорлор элге пайдасы жок, сырткы гана көрк берип, алардын мусулмандардын жеринде болушун актоого багытталган жалган иш-аракеттер. “Адам укуктары” деп аталган кеңири жана жалпак ураандын алдында бул уюмдар Батыш мамлекеттери жүктөгөн бир катар тапшырмаларды аткарып, мусулмандардын дүйнөсүндө коомдорду бузууга жана Батыштын үстөмдүгүн орнотууга багытталган коркунучтуу долбоорлорду жайылтуу менен алек.

Бул макалада биз ошол уюмдардын мусулман өлкөлөрүндө жайылтууну көздөгөн айрым жаман ниеттеги долбоорлорун, алардын кандай ыкмалар менен иш алып барарын жана мусулман коомчулугуна алып келчү кооп-коркунучтарын, ошондой эле Ислам дининин бул маселеге карата көз карашын баяндап беребиз.

Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) Батыш маданиятынын тутумун эл аралык келишимдерге жана келишим түрүндөгү документтерге айлантып, аларды колонизатор күчтөргө көз каранды өкмөттөргө кол коюу үчүн сунуштайт. Бул келишимдерде айрым ачык-айкын жана талаштуу беренелерге “каршы пикир билдирүүгө” уруксат берилет. Бул болсо ал өкмөттөргө абийирин сактап калуу үчүн берилген гана мүмкүнчүлүк. Келишимге кол коюлган соң, кийинки этапта бул келишимдер парламенттерде ратификацияланып, андан кийин алар

мыйзамдык негизге айланып, милдеттүү күчкө ээ болот. Ал эми келишимдеги талаштуу пункттарды кабыл алуу мүмкүн болбогондуктан башында аларга каршы пикир айтылат, бирок кийинчерээк аларга да макул болууга түрткү берүү башталат, бул басым-кысымдар диний баалуулуктарга жана Ислам маданиятына каршы келсе да колдонулат.

Бул Батыш келишимдеринде аялдар жана балдар маселесине бир тараптуу, радикалдуу Батыш көз карашы берилет. Алар “аялдарга карата зомбулук”, “гендер”, “репродуктивдүү саламаттык” сыяктуу түшүнүктөрдү колдонуп, буларды “туруктуу өнүгүү” түшүнүгү менен байланыштырууга аракет кылышат. Аталган келишимдер «теңдик», «адам укуктары» деген жалтыраган ураандарды көтөрүп чыгып, аял менен эркектин ортосунда бардык тармактарда: саясатта, экономикада, маданиятта, жарандык турмушта — абсолюттук теңдикти талап кылышат. Алар аял менен эркектин ортосундагы табигый айырмачылыктарды “аялга карата дискриминация жана зомбулук” деп мүнөздөшүп, аларды жоюу зарыл деп эсептешет. Мындан сырткары, бул келишимдер ыплас сексуалдык эркиндиктерди: зынаны, гомосексуализмди жана башкаларды жайылтууну колдойт, ал эми нике институтуна чектөөлөрдү киргизип, нике курагын жогорулатууга чакырышат. Мунун бардыгы Ислам динине каршы келет жана үй-бүлө институтун бузууга багытталган.

Батыш коомдорунда аялдар менен балдардын маселелерине ушул бир тараптуу көз караштын үстөмдүк кылышынын натыйжасында үй-бүлө институту кыйрады. Үй-бүлөнүн ордуна өткөөл жана бузуку мамилелер келди, уяттуулук жана ар-намыс ордуна ырахат алуу мааниге ээ болду, индивидуализм үстөмдүк кыла баштады, ал эми үй-бүлө мүчөлөрү жана коом арасында курмандыкка баруу жана мээримдүүлүк сапаттары жоголду. Эгер үй-бүлө коомдун негизги уюлу болсо, анда аял – үй-бүлөнүн негизги таянычы. Ушул негизде Батыш дүйнөсү көптөгөн стратегияларды жана саясаттарды эл аралык келишимдер түрүндө иштеп чыгып, аларды эл аралык уюмдар аркылуу ишке ашырууда. Бул келишимдер сыртынан караганда аялдар менен балдарды коргоону максат кылгандай көрүнөт, бирок чындыгында алардын максаты – үй-бүлө институтун бузуу жана аны жок кылуу. Мисал келтирсек, БУУ үй-бүлөгө каршы күрөшүүнү “аялды күчтөндүрүү” деген түшүнүк аркылуу жүргүзүүдө. Бул түшүнүктүн алкагында кабыл алынган бир катар чечимдер чындыгында үй-бүлөнү жок кылууга багытталган. Анда аял менен эркектин ортосунда толук теңдик талап кылынат, бардык табигый айырмачылыктарды жокко чыгаруу, үй-бүлөдөгү милдеттерди тең

бөлүшүү, ал аркылуу эркектин үй-бүлөдөгү башчылык ролун жана аялдын күйөөсүнө баш ийүүсүн жокко чыгаруу көздөлгөн. Бул болсо аялдын күйөөсүнөн уруксат сурашын, никедеги жакындыктын тартибин жана үй-бүлөлүк жашоодогу баш ийүү эрежелерин да жокко чыгарат. Мындан тышкары, алар көп аял алуу, махр берүү, эркектин ажырашуудагы укугу сыяктуу Исламда бекитилген жоболорду жокко чыгарууга, “үй-бүлөлүк зордуктоо” жана “жубайлар ортосундагы жыныстык зомбулук” деген кылмыштын жаңы түрлөрүн ойлоп табууга чакырышат.

БУУ мусулмандар дүйнөсүндөгү өкмөттөрдү балалык жаш курагын он сегиз жашка чейин узарткан мыйзамдарды кабыл алууга мажбурлап аракет кылууда. Мунун натыйжасында шариаттагы эрте никенин жашы да жогорулашы керек болот. Он сегиз жашка чейинки нике “балдар никеси” деп аныкталып, ал кылмыш катары мыйзамдаштырылууда. Ал эми Исламда балалык курак «балиг» болуу менен аяктайт. Бирок БУУ 1989-жылы кабыл алган “Бала укуктары жөнүндө конвенцияга” (CRC) ылайык, эл аралык мыйзамдарда балалык он сегиз жашка чейин узартылган. Натыйжада, бүгүнкү күндө мусулмандар жашаган көпчүлүк өлкөлөр өз мыйзамдарын өзгөртүп, он сегиз жашты расмий жана мыйзамдуу чек деп кабыл алышты.

БУУ эрте никеге каршы күрөш жүргүзүп жаткан учурда кыз баланын никеге чейин ар-намысын сактаган коомдорду “эркек үстөмдүк кылган коомдор” деп сыпаттап, аларды “аял баласына карата зомбулук жана жыныстык кысым көрсөтүүдө” деп айыптап келет! Демек, алардын көз карашына ылайык, “жыныстык кысымды жоюу” үчүн кыздарга жаш кезинен эле никесиз жыныстык катнашка барууга уруксат берүү жана шыктандыруу керек экен, ал эми никеге туруу “аялга карата зомбулук” имиш!

Бул алардын расмий баяндамаларында да белгиленген. Маселен, БУУнун аялдар маселеси боюнча бөлүмү (DAW) 2007-жылы жарыялаган “Аял баласына карата ар кандай зомбулук жана басмырлоону жоюу” деген аталыштагы эксперттик баяндамасында мындай деп айтылат: “Эркектер менен балдарга берилген социалдык тарбия аялдардын жана кыздардын жыныстык активдүүлүгүн көзөмөлдөөгө багытталган. Кыздын намысы жана төрөткө жөндөмдүүлүгүнө ашыкча көңүл буруу жыныстык кысым болуп саналат жана аялдын баласына карата басмырлоонун бир түрү болуп эсептелет”. Бул болсо БУУнун жаман адеп-ахлакка болгон мамилесин, аны жайылтуу жана коомдордо адаттагы көрүнүш катары кабыл алдыруу саясатын ачык көрсөтөт. Алар үчүн бул бузуку иштер “адам укуктарынын” бир бөлүгү катары көрсөтүлөт.

Алдамчы жана кооптуу СЕДАВ келишими да зынадан төрөлгөн балдарды таанып, ачык-айкын түрдө мыйзамдаштырууну талап кылат. Ага ылайык, зына кылган аял да, анын никесиз төрөлгөн баласы да никедеги аял менен баласындай эле укуктарга ээ болушу керек, багуу, баласы катары таануу жана мурас бөлүүдө эч кандай айырма болбошу зарыл деп көрсөтүлөт. Муну менен токтоп калбастан, бул келишим сойкулукту да мыйзамдуу ишмердүүлүк катары тааныткуу аракетин көрөт. Анткени сойкулукка тыюу салуу "аялдардын сойкулукка мажбур болуусуна" алып келет имиш! Демек, аял өзү каалап туруп сойкулук кылса деле мыйзам бузган болбойт деген пикир жайылтылууда!

БУУ ачык-айкын түрдө гомосексуализмди да колдойт. Ал бардык "гендерлер" ортосундагы бардык айырмачылыктарды жоюуга, башкача айтканда бузукулар менен табигый адамдардын ортосунда укук жана милдеттер боюнча толук теңдик орнотууга чакырат. Бул уюм дүйнөнү бузукуларды гана кабыл алууга эмес, аларга жыныстык жана төрөт боюнча медициналык кызматтарды көрсөтүүгө, аларды этникалык азчылыктар жана ден соолугунан жабыркагандар менен бир катарга коюп, "четке кагылган топтор" катары көрсөтүп, коомдун жан аябастыгын жаратып, андан соң өкмөттөрдү аларга үй-жай жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө мажбурлоого аракет кылууда.

Мына ушул жана башка көптөгөн бузгунчу долбоорлорду БУУ эл аралык уюмдар аркылуу мусулман коомчулугуна таңуулоону көздөп жатат. Аларды "гуманитардык, экономикалык жана саламаттыкты сактоо" жаатындагы жардамдарга байлап, бул долбоорлорду кабыл алууга өкмөттөрдү мажбурлоодо. Демек, эл аралык уюмдар, айрыкча БУУ Батыштын эң кооптуу куралдарынын бири болуп, алардын уятсыз баалуулуктарын жайылтып, үй-бүлөнүн бузулушуна, сойкулук жана бузукулук жайылышына, аялдардын бузулушуна алып келет. Бул болсо коомдордун кыйрашына, материализмге кабылган, өз кызыкчылыгын гана көздөгөн, Исламдан алыстаган, рухий жактан бош жана батышча түшүнүк менен ууланган урпак муундардын өсүп чыгышына алып келет. Ошентип, Үммөт алсыз, бөлүнгөн жана башкарууга оңой абалда калат, Батыш болсо анын байлыктарын талап-тоноого толук мүмкүнчүлүк алат.

Бул уюмдардын артынан ээрчип, алардын келишимдерине кошулуу Ислам динине ачык каршы келүү болуп саналат. Анткени Ислам адамдын, үй-бүлөнүн жана коомдун жашоосунун бардык майда-барат жагдайларына өзгөчө кам көрөт. Ал тукумду сактоого, жер жүзүн өнүктүрүүгө жана муундардын уланышына чакырат. Бул максатка

жетүү үчүн Ислам бардык мамилелерди мыйзамдуу нике менен гана чектеп, никесиз мамилелердин бардык түрүнө, анын ичинде гомосексуалдык катнаштарга да тыюу салган.

Ошондой эле, Ислам никени жөн гана жыныстык байланыш катары эмес, бейпилдик менен сүйүү үстөмдүк кылган мамиле катары көрүүнү буйруйт. Ал никеде адептүү, урмат-сыйлуу жашоонун адеп-ахлактык жоболорун бекитет. Ислам тукумду сактап калуу үчүн зына жана асырап алуу сыяктуу ыкмаларды тыюу менен, нике мөөнөтү (идда) сыяктуу жоболорду мыйзамдаштырган, курсактагы баланын ээси болгон кишиден жашырууну харам кылган жана тукумду тастыктоону милдет кылган, аны танууну кылмыш деп эсептеген.

Бул эл аралык уюмдарга карата шарияттык көз караш боюнча аларды толугу менен четке кагуу жана биздин коомдордон кууп чыгуу, алар менен эч кандай формада кызматташпоо керек. Бул уюмдар кээде сырткы көрүнүшү “гуманитардык” болгон долбоорлорду сунушташканы менен, алардын чыныгы максаты Ислам Үммөтүн кулатып, коомду бузган бузуку идеяларын жайылтуу болуп саналат. Алар бул иштерин жашыруун, акырындык менен жүргүзөт.

Ошондуктан Үммөт бул уюмдардын кооптуулугун жана алардын жалган ураандарынын артындагы Ислам дүйнөсүнө болгон терең душмандыгын түшүнүшү керек. Алар коомдогу адеп-ахлактык байланышты бузуу Үммөттүн биримдигине жана кайра жаралышына тоскоол болуудагы негизги курал экенин жакшы билишет. Анткени Ислам Үммөтүнүн кайра дүйнөлүк аренага кайтып келиши Батыштын алсыз системаларын кыйратып, жок кылып коюшу мүмкүн. Ушундан улам алар Үммөттүн баалуулуктарын ар тараптан — идеялык жана коомдук жактан — талкалоого аракет кылышат. Ал эми бул эл аралык уюмдар алардын эң кооптуу куралдарынын бири.

Ошондуктан Ислам Үммөтү бардык мүмкүн болгон жолдор менен бул уюмдарга жана алардын бузгунчу долбоорлоруна каршы турушу керек. Ошондо гана алардын планын үзгүлтүккө учуратуу мүмкүн болуп, Үммөт таза, улуу Ислам шариатына бекем карманган, Батыштын сасык маданиятынын булганычынан алыс, таза коом катары өзүнүн нукура жолунда жашай алат. ❑

## АКЫЙДАНЫН ҮСТӨМДҮГҮ ЖАНА КҮЧТҮН СЫНЫШЫ: ФИКРАТ КУРАЛДАН ҮСТӨМ БОЛГОНДО

**Умм Акрам – Палестина**

Жихад — Исламдагы тагдыр чечүүчү маселелердин бири. Аллах Таала Өзүнүн Элчисин ﷺ дүйнөлүк даават менен жиберди. Бул даават руханий, ахлакый, инсаний жана материалдык баалуулуктарды жүзөгө ашыруу максатында келген. Анын максаты адамдардын жашоосун тартипке салып, алардын маселелерине чечим табуу жана коомдун жашоосу адилеттүүлүк менен ырайым үстөмдүк кылган системага негизделишин камсыз кылуу. Эгер бул даават Аллах каалагандай турмушка ашырылса, анда элдердин жашоосунда бейпилдик, бакыт жана гүлдөп-өнүгүү орнойт.

Бул улуу даават дүйнөдөгү бардык элдерге жетиши үчүн Аллах Таала эки негизги ыкманы: дааватты жана жихадды белгилеп берген. Ошондуктан жихад Пайгамбарыбыз ﷺ айткандай Ислам дининин эң жогорку чокусу болуп эсептелет жана бул Үммөт үчүн Аллахтын динин коргоо жана адилеттүүлүктү орнотуу үчүн милдет болуп дайындалган.

Аллах Таала мындай дейт:

{قَاتِلُوا الَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَلَا بِالْيَوْمِ الْآخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ اللَّهُ وَرَسُولُهُ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ الْحَقِّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ حَتَّىٰ يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَن يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ}

***«Өздөрү китеп берилгендерден болуп Аллахка жана Акырет Күнүнө ишенбеген, Аллах жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбеген, Чындык*** *(Ислам)* ***динине этикат кылбаган кимселерге каршы, тээ алар кор абалда, өз колдору менен*** *(моюндарындагы)* ***салыкты төлөшмөйүнчө, согуша бергиле!».*** (Тообо: 29).

Жихаддын улуулугу жана орду ушунчалык бийик болгондуктан, Аллах Таала ага чын жүрөктөн катышкандарга эң бийик даражаларды жана улуу сыйлыкты убада кылган. Ал мындай дейт:

{إِنَّ اللَّهَ اشْتَرَىٰ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ أَنفُسَهُمْ وَأَمْوَالَهُم بِأَنَّ لَهُمُ الْجَنَّةَ يُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَيَقْتُلُونَ وَيُقْتَلُونَ وَعْداً عَلَيْهِ حَقّاً فِي التَّوْرَاةِ وَالْإِنجِيلِ وَالْقُرْآنِ وَمَنْ أَوْفَىٰ بِعَهْدِهِ مِنَ اللَّهِ فَاسْتَبْشِرُوا بِبَيْعِكُمُ الَّذِي بَايَعْتُم بِهِ وَذَٰلِكَ هُوَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ}

***«Албетте Аллах момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиш менен айырбаштап алды, алар Аллах жолунда согушуп,*** *(кафирлерди)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Аллах үчүн шахид болуп)* ***өлтүрүлүшөт.*** *(Мындай момундарга бейиш берилүүсүнө)* ***Аллах Тоорот, Инжил жана Куранда Өзүнүн чыныгы***

***убадасын берген. Аллахтан да убадасын артык аткаруучу ким бар? Демек,*** *(эй момундар)* ***бул кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт».*** (Тообо: 111).

Жихад жер жүзүндө таухид акыйдасын жайылтуу үчүн бекитилген ибадат. Ал эч качан өч алуу же башка элдердин жашоосун кемсинтүү, же болбосо бийликке, үстөмдүккө умтулуу үчүн эмес, тескерисинче адилеттүүлүктү орнотуу, зулумду жана кысым-кордукту жоюу жана адамдарды Аллахтан башкага кулчулук кылуудан азат кылуу максатында жүктөлгөн.

Бул ниет Исламдагы жихадга байланыштуу шаръий өкүмдөрдө да ачык көрүнөт. Согуш таухид акыйдасын кабыл алуудан баш тарткан жана Ислам мамлекети алдында жизя төлөп, тынч жашоого макул болбогон мушриктер жана кафирлерге кары алып барылат. Аллах Таала айтат:

{وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ لِلّهِ فَإِنِ انتَهَواْ فَلاَ عُدْوَانَ إِلاَّ عَلَى الظَّالِمِينَ}

***«Тээ фитна токтоп, дин толугу менен Аллахка таандык болгонго чейин алар менен согуша бергиле! Эгер тыйылышса, анда силер да токтогула! Анткени, залимдерге гана каршы душмандык кылуу мүмкүн».*** (Бакара: 193).

Ал эми Аллах жолундагы жихадды Батыштын капиталисттик өлкөлөрү жүргүзүп жаткан зулумдуу колониялык баскынчылык менен эч качан салыштырууга болбойт. Анткени жихад адилеттүүлүктү жана ырайымдуулукту жайылтууга багытталган, ал эми Батыш колонизаторлугу алсыз элдердин байлыктарын тартып алуу, ресурстарын эксплуатациялоо үчүн саясий, аскерий, экономикалык жана маданий үстөмдүктү таңуулоону көздөйт. Бул өз кезегинде, элдердин толук кыргынга учурашына чейин алып келсе да, колонизаторлор үчүн маанилүү эмес.

Батыш колонизаторлору дүйнөгө кыйроо, бузукулук, согуш жана чыр-чатактарды алып келди. Бүгүн да алар аймактык жана эл аралык кагылыштарды от менен сууга айландырып, жаңжалга катышкан тараптарды курал менен камсыз кылууда. Алар согуш жана курал соодасынан эбегейсиз киреше табышууда.

Ислам акыйдасы жөн гана сабыр жана чыдамдуулукка дем берүүчү нерсе эмес, ал тарых бою жеңиштерге жана Ислам идеологиясынын дүйнөгө таралышына негиз болгон кыймылдаткыч күч болуп келген. Аллах Таала мындай дейт:

{إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ}

***«Эгер Аллахка жардам берсеңер** (Анын динин коргосоңор)**, Ал да силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекемдейт».*** (Мухаммад: 7).

Ислам акыйдасы Ислам армияларынын бекемдигин, тартибин жана кыянатчылыктан корголушун камсыз кылган туруктуулуктун булагы болгон. Бул алардын согуш талаасында да, турмушта да туруктуулук жана үстөмдүккө ээ болушуна себеп болгон. Тарых бизге бул чындыкты күбөлөгөн бир көрүнүштү эске салат:

Йармук салгылашуусунан кийин Рум падышасы өзүнүн жеңилген аскерине карап, кайгыга батып турганда, мындай деп кыйкырган:

— Тыңдагыла! Силер менен согушуп жаткандар кимдер? Алар да силер сыяктуу эле адамдар эмеспи?!

— Ооба, падыша, адамдар, - дешти алар.

— Анда силер көпсүңөрбү же аларбы?!

— Биз ар бир майдандан алардан көппүз, - дешти.

— Анда эмне үчүн жеңилип жатасыңар?! - деп таң кала сураганда, румдик бир карыган киши мындай деп жооп берген:

— Алар бизди жеңип жатышат, анткени алар түнү ибадат кылышат, күндүзү орозо тутушат, убадага бекем турушат жана өз ара адилеттүү болушат…

Акыйданын рухий туруктуулукка жана жүрөктөгү бекем ишенимге тийгизген таасири.

1. Акыйданын коркпоо жана өлүмгө тайманбай каршылык көрсөтүүгө тийгизген таасири.

Мусулман адам анын өмүрү Аллах тарабынан алдын ала аныкталганын, ар кимдин ажалы Аллахтын колунда экенин билет. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَن يُؤَخِّرَ اللَّهُ نَفْسًا إِذَا جَاءَ أَجَلُهَا وَاللَّهُ خَبِيرٌ بِمَا تَعْمَلُونَ﴾

***«Аллах эч бир жанды ажалы келген убагында калтырбайт. Аллах кылып жаткан амалыңардан кабардар».*** (Мунафикун: 11).

Ошондуктан момун өлүмдөн коркпойт. Ал кыйынчылыктарды тайманбастык, бекем туруктуулукта тосуп алат. Анын жүрөгүндө Аллах жолундагы шахиддик бул курмандыктын эң жогорку даражасы деген ишеним орун алган.

2. Акыйданын ырыскы маселесине тийгизген таасири.

Момун адам анын ырыскысы алдын ала жазылган жана сакталган экенин так билет. Ал жакырлыкка же муктаждыкка кабылуудан коркпойт. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَا مِن دَابَّةٍ فِي الْأَرْضِ إِلَّا عَلَى اللَّهِ رِزْقُهَا﴾

***«Жер бетиндеги жөрмөлөгөн макулуктун баарысынын ырыскысы Аллахтын мойнунда».*** (Худ: 6).

Ошондой эле:

﴿وَفِي السَّمَاءِ رِزْقُكُمْ وَمَا تُوعَدُونَ﴾

***«Асманда болсо силердин ырыскы-азыктарыңар жана силерге убада кылынып жаткан нерсе*** *(тактап айтканда бейиш)* ***бар».*** (Зарият: 22).

Бул ишеним мусулмандын жүрөгүнө Аллахка болгон ишенимди бекемдейт, жихадга чыкса да, ырыскынын тардыгынан же келечектен коркпойт.

3. Акыйданын “вала” жана “бара”га (Аллах үчүн сүйүү жана Аллах үчүн жек көрүүгө) тийгизген таасири.

Момун адам өз сүйүүсүн жана берилгендигин жалгыз Аллах үчүн кылат. Анын мамилелери тууганлык, достук сыяктуу дүнявий байланыштар менен эмес, акыйдага негизделген. Аллах Таала мындай дейт:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَتَّخِذُوا آبَاءَكُمْ وَإِخْوَانَكُمْ أَوْلِيَاءَ إِنِ اسْتَحَبُّوا الْكُفْرَ عَلَى الْإِيمَانِ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمْ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾

***«Эй, момундар, эгер ыймандан куфрду абзел көрүшсө, ата-энеңерди жана ага-иниңерди*** *(да)* ***дос тутпагыла! Силердин ичиңерде кимде-ким аларды дос тутса, демек, алар залимдер».*** (Тообо: 23).

Мына ушундан улам, момун Аллахтын досун дос тутат, Аллахтын душманын душман деп билет, ал тургай алар өзүнө эң жакын адамдар болсо да. Исламда мамилелер жана байланыштар акыйдага негизделет.

Мына ушундайча Ислам акыйдасы мусулмандар үчүн тарыхый улуу салгылашууларда жеңиштин чечүүчү фактору болгон. Бул салгылашуулар жөн гана аскердик кагылышуу эмес, ыйман менен ишенимдин сыноосу болгон.

Мусулман жоокери башкалардай согушпайт: ал жанын аябайт, курмандыкка барат, тайманбай чабуулга өтөт, артка кайтпайт, кыйынчылыкка сабыр кылат. Бул нерсе мусулмандардын кыйла алсыз абалда туруп, кубаттуу душмандын үстүнөн жеңишке жетишин түшүндүрөт. Аллах Таала айтат:

﴿وَاذْكُرُواْ إِذْ أَنتُمْ قَلِيلٌ مُّسْتَضْعَفُونَ فِي الأَرْضِ تَخَافُونَ أَن يَتَخَطَّفَكُمُ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُم بِنَصْرِهِ﴾

***«Дагы силер жерде азчылык жана алсыз болгон чагыңарда, адамдар талап кетүүлөрүнөн коркуп турган чагыңарда силерге***

***жай берип, Өз жардамы менен колдоп-кубаттаганын жана шүгүр кылышыңар үчүн пакиза нематтардан ырыскы бергенин эстегиле!».*** (Анфал: 26).

Бул аскердик күчтүн өзү эле жеңишке жеткирбей турганын билдирет. Жеңиш Аллахтын каалоосу жана жардамы менен болот. Аллах Таала башка бир аятта мындай деп айтат:

﴿وَإِذْ يُرِيكُمُوهُمْ إِذِ الْتَقَيْتُمْ فِي أَعْيُنِكُمْ قَلِيلًا وَيُقَلِّلُكُمْ فِي أَعْيُنِهِمْ لِيَقْضِيَ اللَّهُ أَمْرًا كَانَ مَفْعُولًا وَإِلَى اللَّهِ تُرْجَعُ الْأُمُورُ﴾

*«(Эй, момундар)* ***Аллах жасала турган жумушту ишке ашыруу үчүн кагылышкан чагыңарда силердин көзүңөргө аларды аз кылып көрсөткөнүн, алардын көздөрүнө болсо силерди аз кылып койгонун эстегиле! Бардык иштер Аллахка кайтарылат».*** (Анфал: 44).

Куран бизге сан жагынан гана эсепке таянуунун жаңылыштыгын көрсөткөн эки ири тарыхый мисалды баяндайт:

1. Бадр күнү.

Мусулмандар сан жагынан аз, жабдуу жагынан начар болчу. Саясий, аскерий жана экономикалык блокадада турушкан. Ошентсе да, алар бекем ишенимдин жана туруктуулуктун аркасында улуу жеңишке жетишти. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَقَدْ نَصَرَكُمُ اللَّهُ بِبَدْرٍ وَأَنتُمْ أَذِلَّةٌ﴾

***«Акыры Аллах Бадр согушунда күчсүз болсоңор да силерди жеңишке ээ кылды го».*** (Али Имран: 123).

2. Хунайн күнү.

Бул жолу мусулмандар өздөрүнүн көп сандуулугуна ишенип алышкан, себеби Мекке фатхынан кийин алардын саны он эки миңге жеткен болчу. Бирок алар бул көпчүлүккө таянуу менен башында жеңилип калышты. Аллах мындай дейт:

﴿لَقَدْ نَصَرَكُمُ اللَّهُ فِي مَوَاطِنَ كَثِيرَةٍ وَيَوْمَ حُنَيْنٍ إِذْ أَعْجَبَتْكُمْ كَثْرَتُكُمْ فَلَمْ تُغْنِ عَنكُمْ شَيْئًا وَضَاقَتْ عَلَيْكُمُ الْأَرْضُ بِمَا رَحُبَتْ ثُمَّ وَلَّيْتُم مُّدْبِرِينَ﴾

***«Аллах силерди көп жерлерде жеңишке ээ кылды. Хунайн күнүн*** *(эстегиле)****! Ошондо силерди көп экендигиңер алдап койгон эле, а бирок ал*** *(саныңардын көптүгү)* ***силерге түк пайда бербеди. Жана силерге кең жер тарлык кылып калды, кийин*** *(душмандан)* ***жүз буруп чегиндиңер».*** (Тообо: 25).

XIX жана XX кылымдарда дүйнө ачык түрдө материалдык үстөмдүктүн дооруна күбө болду. Улуу державалар башка элдердин ресурстарын эксплуатациялап, өз кызыкчылыктарына гана кызмат кылган режимдерди орнотушту. Бул дүйнөгө аскерий күч жана

технология үстөмдүгүн көрсөтүп, согуштарды чечүүнүн жана үстөмдүк орнотуунун жалгыз жолу ушул экенин таңуулоо аракети болду.

Бул реалдуу үстөмдүк шартында идеянын жана акыйданын күчүн көмүскөдө калтыруу үчүн америкалык теоретик Жозеф Най «жумшак күч» деген түшүнүктү сунуштады. Ал идеялар менен ишенимдер да «катуу күчкө» (согуш, курал) альтернатива боло аларын айткан. Бирок чыныгы идеялык күч бир гана саясий теориялар же пропагандалык ураандардан эмес, тамырлуу акыйдадан келип чыгат. Ушундай акыйда гана элди бекем тургузат, кыйынчылыктарда багынтпайт жана тарых жарата алат.

Ислам фикратынын тарыхтагы күчү.

Тарых далилдегендей, Ислам акыйдасынын күчү бардык материалдык күчтөрдөн жогору турат. Ал ири армиялар менен империялардын үстүнөн жеңишке жеткен.

Мисалы, моңголдор дүйнөдөгү эң кубаттуу аскердик күчкө ээ болуп, бир нече континентти багынткан. Бирок бул аскерий күч Ислам акыйдасынын алдында туруштук бере алган жок. Алардын мамлекети бат эле урап түштү. Акыры, алар өздөрү да Исламды кабыл алып, бир нече кылымдарга созулган Ислам мамлекеттерин курушту.

Эмне үчүн мындай болду? Анткени алардын түзгөн мамлекети идеялык жактан бош, акыйдасыз болгон. Ал эми Ислам — адамдын табиятына шайкеш келген, акылды толук канаатандырган, жүрөккө тынчтык берген терең жүйөлүү акыйда. Мындай акыйда цивилизацияларды курат, күчтүү аскерлерди гана эмес, адилеттүү коомдорду да жаратат.

Ислам акыйдасы жөн гана адамдын ички ишеними эмес, бул Үммөттү куруунун, цивилизацияны калыптандыруунун жана дүйнөлүк саясий багытты аныктоонун негизи. Акыйдасы бар Үммөт бул акыйданы дүйнөгө жайылтууну өзүнүн вазыйпасы катары билет жана өзүнүн кызыкчылыктарын дүйнөлүк масштабда аныктайт. Мына ушул себептен улам, Ислам дини тарых бою үзгүлтүксүз түрдө аскерий да, пикирий да чабуулдарга кабылып келген.

Бирок, бул чабуулдарга карабастан, Ислам дини өзүнүн бекемдигин сактап калды, ал эми аны менен атаандашууга аракет кылган жалган идеологиялар — мисалы, улутчулдук, социализм, жана баасчылык (арабча "баасия") — тез эле урап, тарых аренасынан жок болуп кетишти. Анткени алар адам табиятына, акылга жана тадаюн гарийзасына жооп бере алган жок.

АКШ "демократия", "адам укуктары" сыяктуу түшүнүктөрдү "жумшак күч" деп жарыялап, ири медиа жана пропаганда каражаттары

менен дүйнөгө таңуулоого аракет кылды. Бирок бул түшүнүктөр маданий маңыздан ажыраган бош ураандарга айланып калды. Чыныгы акыйдага жана идеологиялык пайдаларга ээ болбогондуктан, алар элдердин жүрөгүнөн орун ала алган жок. Тескерисинче, Ислам акыйдасы эч бир мамлекет тарабынан колдоого алынбаса да, Батыштын өзүндө тынч жана терең таралууда. Бул анын чыныгы күчүн, өз маңызынан чыккан таасирин далилдейт. Ислам — акыйда жана система катары ар кандай адамдын акылына жана табиятына шайкеш келет, ошондуктан ал өз алдынча таасир кыла алат.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө Исламдан башка идеялык күчкө ээ болгон, элдерди ойготуп, чакырык таштай алган идеология калган жок. Батыш жана анын марионеткалары Исламды саясаттан четтетүүгө, жеке руханий жакка гана чектөөгө болгон күчүн жумшап жатышат. Бирок алар канча аракет кылышпасын, Исламий тарыхтагы жеңиштердин аркасында ошол эле акыйда турган, ал материалдык күч душмандын тарабында болгондо да Үммөттү жеңишке жеткирген.

Ислам Үммөтү бүгүнкү күнү куфр күчтөрү менен болгон тиреште жеңишке жетүү үчүн өзүнүн саясий бийлигин кайра калыбына келтирүүгө жана Нубувват минхажындагы Халифалыкты орнотууга муктаж. Ислам кайрадан турмушта ишке ашырылуучу жандуу система болуп калышы керек. Ошондо гана Үммөттүн күчү жана байлыгы бир туугандык туунун астында биригип, душмандын коркунучуна туруштук бере турган толугу менен даяр мамлекет куралат. Бул Аллахтын мындай буйругуна жооп болот:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ﴾

*«(Эй, момундар)****, алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп, даярдап койгула».*** (Анфал: 60).

Азыркы алсыздык — тоскоолдук болбошу керек.

Бүгүн кээ бир даярдык жактарындагы алсыздык кечигүү же токтоп калууга шылтоо болбошу керек. Себеби аскердик технология эч кимдин менчиги эмес, аны кайра жаратып, өнүктүрүүгө болот. Батышта жашап, ошол жакта эмгектенип жаткан акыл ээлерин жана адистерди өз катарына тартууга болот. Мисалы, Америка Альберт Эйнштейнди Германиядан чакырып, атом бомбасын жасаган. Султан Мухаммед ал-Фатих Константинополдон инженер Урбанды чакырып, гигант замбиректи жасатып, шаарды кулаткан.

Халифалык орногондо дүйнөлүк күч тең салмак тамырынан өзгөрөт. Үммөт бат жана жаңырып көтөрүлөт. Бийликке илхам алган, хикматтуу жана иджтихад кылган саясий жетекчилик келет. Аллахтын

жардамы менен бул мамлекет тарыхтагы эң улуу жетекчиликти аркалай алат.

Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا ذَٰلِكَ عَلَى اللَّهِ بِعَزِيزٍ﴾

***«Бул** (иш) **Аллах үчүн кыйын эмес».*** (Ибрахим: 20). ❑

# ГАЗА ЖЕҢИШКЕ ЖЕТТИ… АЛ ЭМИ ӨКҮМДАР РЕЖИМДЕР ЧЫККЫНЧЫЛЫК КЫЛЫШТЫ

**Абдул Махмуд аль-Амири – Йемен**

Аллах Таалага мактоо болсун! Ал-Аксаны коргоо үчүн башталган «Ташкын» операциясынын жеңиши жана Шамдагы зулум башчынун кулатылышы менен бизге жеңишти ыраа көрдү. Бул эки окуя мусулмандарды гана эмес, башка элдерди да ойготуп, мурунку түшүнүктөрдү түп тамырынан өзгөрттү. Чакан гана жерде камалган, бир жагынан яхудий вужуду, экинчи жагынан болсо айланасындагы араб жана башка өлкөлөрдүн бийликтери тарабынан курчоого алынган аз сандагы мусулмандар зор даярдык менен ишке ашырылган согуш аркылуу “жеңилбейт” делген армиянын жалган аброюн талкалагандыгына дүйнө жүзү күбө болду. Бул улуу күрөш мусулмандарга кайрадан үмүт жана ишеним берди. Анын артынан эле Сирия революциясы келип, эч ким күтпөгөндөй залим режимди кулатты.

Бул жеңиштер – бизге багыт көрсөткөн ачык белги. Эми жеңишке жеткен жерде токтоп калбастан, Аллахтын шариятын толук орнотуу жана Ислам дүйнөсүн колонизаторлордун кишенинен азат кылуу үчүн күч-аракетти арттыруу керек.

Аллах үчүн, тарых үчүн жана эл эсинде калуусу үчүн бир чындыкты танууга болбойт: Газадагы бул жетишкендик эң оболу Аллахтын жардамы, андан соң бул ыйык жердин жана анын тайманбас элинин бекем эрки менен мүмкүн болду. Ал эми бүгүн үн катпай турган же баскынчылыкка кошо кызмат кылып жаткан башчылардын бул жеңишке эч кандай тиешеси жок.

**Газа — Палестинанын бермети жана жеңиштин символу**

Газа – өз шахиддеринин каны менен сугарылган, эрдиктин жаңырыгы тараган жер. Ал ар дайым зулумду четке кагып, чыккынчылыкты жек көрүп келген. Бүгүн да ал бардык тараптан камалган, оор курал-жарагы жок, болгону жеңил куралы жана бекем эрки бар эл кантип яхудийлердин жана америкалыктардын согуш машиналарына туруштук бере аларын дагы бир жолу көрсөттү.

Газа жеңди! Бардык тоскоолдуктарга карабастан, курчоого карабастан, араб жана мусулман өлкөлөрүнүн унчукпай турган чыккынчылыгына карабастан, Үммөттүн жарасын дагы тереңирээк тешкен саясий чыккынчылыкка карабастан, Газа жеңишке жетти.

Армиясын жеңилбейт деп эсептеп келген оккупация эми аянычтуу абалда калды. Жылдар бою жүргүзүлгөн баскынчылык жана зомбулук элдин улуу сабыры жана жеңилбес эркинин алдында кулап түштү.

Газа жеңишке жетти, яхудийлердин жасалма мамлекети жеңилди жана “жеңилбейт” деген армия жөнүндөгү миф талкаланды.

**Газанын жеңиши — Үммөткө жолдонгон билдирүү**

Бүгүн Газа — туруктуулуктун, жеңиштин жана ар-намыстын символу. Ал бизге эрк менен тайманбастык эч кандай чек араны тааныбайт экенин көрсөтүп турат. Баскынчы канча жыл болбосун, ыйык жерде түбөлүк кала албайт. Келерки муундар да бул жер ар дайым үмүттүн символу болгонун жана сөзсүз түрдө анын жеңиши келе турганын билип чоңоёт.

Газа акыркы согушунда жетишкен жеңиш — бул бүтүндөй Үммөткө жолдонгон кабар. Бул — чакырык жана чечкиндүүлүк билдирүүсү. Мусулмандар кайда болбосун жеңиш бул жөн гана ураан же курулай убадалар эмес, бул сабырдын жана курмандыктын жемиши деп билүүсү керек. Бул билдирүү мындан ары да өзгөрүү үчүн аракет кылууну улантуу зарылдыгын бекемдейт. Палестинадагы баскынчылык канчага созулбасын, анын акыры жок болуу менен бүтөт.

Газанын баскынчыга каршы күрөшүндө ар бир төгүлгөн кан, Аллах жолунда берилген ар бир жан, ар бир кыйынчылыкка туруштук берген чечкиндүүлүк өз салымын кошту. Балдары өлтүрүлүп, өзү курчоого алынган Газа бүгүн жеңиштин символу катары туруп, Үммөттүн Исламий башкарууну унутуп бара жаткан доорунда кайрадан үмүт отун жандырды.

Бул улуу жеңишке карабастан, Газага кол сунууга аракет кылган элдерди токтоткон өкүмдар режимдердин ролун унутпашыбыз керек. Алар Аллах Тааланын бул сөзүнө каршы чыгышты:

{وَإِنِ اسْتَنصَرُوكُمْ فِي الدِّينِ فَعَلَيْكُمُ النَّصْرُ}

***«Эгер, алар силерден дин жолунда жардам сурашса, силер аларга жардам берүүгө милдеттүүсүңөр».*** (Анфал: 72).

Бул режимдер Үммөттүн улуу маселелеринде элдин бирге болушуна тоскоол болгон, адамдарды секулярдык системалар менен буту-колун байлап, аларды өзүнүн негизги өзөгүнөн — Исламдан — алыстаткан режимдер болуп эсептелет. Бул башчылар Үммөттүн байлыгын талап, элди Аллах жолунда жихаддан, жаралыш максатынан алыстаткан, Үммөткө кордук көрсөтүп, аны күнүмдүк нан үчүн тыштан садага сураган абалга жеткиргендер. Бүгүн дал ушул башчылар Газага жардам берүүгө жана Ислам мамлекетин кайра куруу үчүн олуттуу кадам жасоого тоскоол болуп жатышат.

Дал ушул башчылар Үммөткө болгон түшүнүктү туманга айлантышты, Батышка көз карандуулукту күчөтүштү, Палестинаны

таштап, аны яхудий колонизаторлоруна жашыруун тапшырышты. Алар — Үммөткө жол көрсөтө турган чыныгы максатка кайтууга жана Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүлөгөн Халифалыкты курууга умтулуу жолун бөгөп жаткандар.

**Куткаруучу – бул Ислам**

Биздин жерлерди башкарган системалар көптөн бери секулярдык режимдер болуп келди. Алар бизге Исламга каршы болгон мыйзамдарды таңуулашты. Бүгүн бизди башкарган конституциялар Исламий эмес, алар Батыштагы секулярдык системалардан көчүрүлгөн жана эч качан Ислам баалуулуктарын жандандырууну максат кылган эмес.

Ислам мамлекетти башкара албайт деп жарыя кылгандарга — секуляристтер болобу же алардын таасирине кабылган башка тараптар болобу — мындай дейбиз: жок, урматтуулар, ишке жарабай калган Ислам эмес, ишке жарабай калган — бул секуляризм.

Секуляризм — Үммөткө саясий, экономикалык, социалдык кризистерди алып келип, аны үзгүлтүксүз жакырчылыкка жана туруктуу зулумга салган түзүм. Ошондой эле, бүгүнкү секулярдык башчылардын айрымдары, уятсыздык менен, Газадагы кырдаалды “башынан көзөмөлдөп жатабыз” деп айтууда! Бирок, алардын орду бул Үммөт менен бирге Аллах жолунда күрөшүү болушу керек эле.

Палестина кыргынга учурап жатканда, бул башчылар кайда калышты? Газа геноцидге туш болуп турганда, бул башчылар кайда жүрөт? Яхудий мамлекети менен жашыруун да, ачык да байланыш түзүп, ал эми эл алдында оккупацияга каршыбыз деп жаткандар кайда? Алар элдердин кыргынына шерик болушкан жана азыр да Исламдын кайтып келишине чоң тоскоол болууда.

Бирок ар бир адам билип койсун, Аллахтын уруксаты менен Ислам кайра кайтып келет. Бардык тоскоолдуктарга, оор шарттарга карабастан, жеңиш жакын. Анткени Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«عقرُ دار المؤمنين الشام»

**«Момундардын туруктуу жери (борбору) — Шам».**

Ислам мамлекети кайра курулат, Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүлөгөн Халифалык кайра кайтып келет. Бул мамлекет Пайгамбарлык минхажында курулган, шариат мыйзамдарын толук кандуу турмушка ашырган мамлекет болот. Ал Палестинаны бошотот жана Кудс (Иерусалим) болочок Ислам мамлекетинин борбору болот, ин шаа Аллах.

Алдыда бизди чоң өзгөрүүлөр күтүп турат. Ар бир төрөлө турган бала төрөлөр алдында энеси толгоо тартат эмеспи. Ошол сыяктуу эле,

биз да кыйынчылыктарды баштан өткөрүп жатабыз. Аллах Таала Куранда мындай деген:

{إِنَّ مَعَ الْعُسْرِ يُسْرًا}

***«Албетте ар бир кыйынчылык–машакат менен бирге бир жеңилдик да бар».*** (Шарх: 6).

Демек, жаңы доор келе жатат, Халифалыктын доору жакындап калды. Бул Үммөт залим башчылардын астында эзилип жашоо үчүн жаратылган эмес. Ал — акыйкат жана адилеттүүлүк үчүн жаралган Үммөт, Аллахтын Китеби жана Пайгамбарыбыз ﷺ сүннөтү менен башкаруу үчүн милдеттендирилген Үммөт.

**Анда биз бул күнгө даярданышыбыз керек!**

Биз жеңибизди түрүп, кайраттануубуз керек. Саясий, экономикалык, маданий жана коомдук турмушубузда Аллахтын шариятын кайра колдонуп, колонизаторлуктун жана чыккынчылыктын сызга айланган мурасынан өлкөбүздү азат кылууга чогуу аракет кылышыбыз зарыл. Андан соң өз мамлекетибизди куруп, Исламды ички саясатта толук орнотуп, тышкы дүйнөгө да аны даават жана жихад жолу менен жайылтуу — бул Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүлөгөн жол:

"ثم تكون الخلافة على منهاج النبوة"

**«…Андан кийин Пайгамбарлык жолундагы Халифалык болот…».**

Жана бул — Аллах Тааланын Мухкам Китебиндеги ачык убада:

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْناً يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئاً وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа–орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды коркунучтарынан кийин тынчтык бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсенн шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин*** *(нематка)* ***куфрдук кылса, демек алар фасыктар».*** (Нур: 55). ❑

## “Израиль” Аба күчтөрүнүн командиринин Вашингтонго сапары жана Тель-Авивге ири көлөмдөгү курал пакети боюнча макулдашуу

“АКШ “Израилге” жаңы кыйратуучу куралдар пакетин берүүгө макул болду” деп “Йедиот Ахронот” гезити жазып чыкты. Бул пакетке 3 000 даана жаңы америкалык ок-дарылар, ошондой эле мурунку президент убактылуу токтоткон 10 000 даана ок-дарылар кирет. Бул куралдар пакети “Израилдин” Аба күчтөрүнүн Газа же Иранда ири операция жүргүзүүгө даярдыгын бекемдөө максатын көздөйт.

Бул чечим “Израилдин” ички жана регионалдык оор абалына туш келди. Премьер-министр Биньямин Нетаньяхунун өкмөтү жакында эле армиянын ичинде салгылашуудан баш тартуу жана туткундарды бошотуу боюнча ХАМАС менен келишимге келүү талабы менен нааразылык толкунуна туш болууда. Бул нааразылыктын алгачкы очогу Аба күчтөрүндөгү жүздөгөн жоокерлер кол койгон кайрылуу болду. Бул күчтөргө элиталык аскерлер кирет. Кийинчерээк бул “жугуштуу толкун” чалгындоо бөлүмдөрүнө, парашютчуларга, жөө аскерлерге жана башка бөлүктөргө да жайылды.

**Аль-Ваъй:** бир жарым жыл өтсө да, бул вужуд аз сандагы мужахиддерге каршы туруу үчүн дагы эле жардамга муктаж. Анда бирер мусулман армиясы ордунан туруп, ага каршы жоого аттанса, эмне болот эле?!

## Батыштагы университеттердин студенттери Газадагы адамзатка каршы кылмыштарга нааразылык билдирип көтөрүлүүдө

«Нью-Йорк Таймс» гезити аты аталбаган булактарына таянып билдиргендей, Гарвард университети 11-апрелде өкмөттүк юристтерден кат алган. Бул кат АКШ президенти Дональд Трамптын администрациясындагы жогорку даражалуу кызматкерлер аны жактырганга же жарыялоого уруксат бергенге чейин эле жөнөтүлгөн.

Ушуга байланыштуу «Вашингтон Пост» гезити Гарвард университетине шилтеме берип, Трамптын администрациясы университет администрациянын талаптарын аткаруудан баш тарткандан кийин коркутууларды күчөткөнүн жазды. Университет Трамптын администрациясынын чаралары студенттерге, кызматкерлерге жана жогорку билим берүүгө оор кесепет алып келиши мүмкүн деп эскертти.

Кийинчерээк Трамптын администрациясы Гарвард университетине бөлүнгөн 2,3 миллиард долларлык каржылоону токтотуп, салыктан бошотуу макамын жана чет элдик студенттерди кабыл алуу укуктарын

жокко чыгаруу менен коркуткан. Ошондой эле администрация университеттин тышкы байланыштары, студенттери жана окутуучулары тууралуу маалыматтарды талап кылган.

